// МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. №3 чыгарылыш. Февраль, 2012 ж.

Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургуль Джаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
***электрондук*** – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

## Мыйзам чыгаруулар тууралуу жаңылыктар

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруунун кээ бир маселелери жөнүндө КР Президентинин Жардыгы ........ 2

КР Президентинин “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча айрым маселелер тууралуу” Жардыгына карата ӨСИ саясий контексти жана сереби ........ 3

КР Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө КР Өкмөтүнүн Токтому ........ 5

Шайлоо өнөктүгү дайындалды ........ 8

## Күндүн талкуусу

Биз “даамсыз буламыкты” райондордо бышырабыз, же 2012-жылдагы шайлоо өнөктүгү алдында ........ 6

## «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун жаңылыктары

Улуттук пландоо отуруму: Долбоордун 2012 – 2014 жж. аралыкта аткара турган иш-аракеттеринин планы аныкталды ........ 9

Жарандардын катышуусун көбөйтүү: угуулардан да көп ........ 10

Ленин айылдык аймагында турмуш-тиричилик чарбасын түзүү боюнча коомдук угуулар ........ 10

Төрт-Күл айылдык аймагындагы бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар ........ 11

Ивановка айылдык аймагындагы билим алуу жана ТТЧ боюнча коомдук угуулар ........ 12

## Ресурстар

Жерди кантип муниципалдык менчикке кайтарыш керек: коомдук керектөөлөр үчүн жер участокторун алуунун укуктук негиздери ........ 9

Муниципалдык жерлерди сатуунун жана ижарага алуунун жаңы эрежелери тууралуу Өкмөттүн жардыгына сереп ........ 17

Муниципалдык менчик: 2011-жылдагы ӨСИ долбоорлору ........ 19

Муниципалдык менчик: 2012-жылдагы ӨСИ долбоорлору ........ 21

## Юридикалык кеңеш

Жолдор, жергиликтүү манидеги маселелер, мечит, суу жана ҮДТ, райфинбөлүмдүн кийлигишүүсү тууралуу суроолорго ӨСИ юристтери жооп берет ........ 22

## Жөб кадрлары

ЖӨБ кадрдык дарамети: жоготуулар жана мүмкүнчүлүктөр. Эксперттердин жана жарандардын көз караштары ........ 25

## Жарандык журналистика:

Шарлотт – Нью-Йорк – Бердск – бардык жерде, же салттуу масс-медиа канааттандырбай калганда, карапайым адамдар эмне кыла тургандыгы жөнүндө так аталышты издөө ........ 36

# Кыргыз Республикасынын президентинин "ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ТАРМАГЫНДА МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ТУУРАЛУУ" ПЖ №44 Жардыгы

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкарууга жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсү кепилденет, ал эми мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принцибине негизденет.

Аталган принципти жүзөгө ашыруу жана «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун кызматчыларынын туруктуу жана кесипкөй кадрдык корпусун калыптандыруунун бирдиктүү негиздерин камсыз кылуу максатында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик бийлик органдарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагында турган башка мамлекеттик органдарды, мекемелерди жана уюмдарды кайра уюштурууга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60, 65-беренелерин жетекчиликке алуу менен токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 28-октябрындагы N 503 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиги жөнүндө» Жардыгына ылайык мурда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиги жүргүзүп келген муниципалдык кызмат жагындагы төмөнкүдөй функциялар Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын карамагына өткөрүп берилсин:

- муниципалдык кызмат жагында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бирдиктүү кадр саясатын жүргүзүү боюнча чараларды кабыл алуу;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык муниципалдык кызматчыларга класстык чиндерди берүү;
- муниципалдык кызмат үчүн кадрларды даярдоо системасын түзүү, «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жүзөгө ашыруу маселелеринде усулдук жетекчиликти жүргүзүү, белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде ушул Мыйзамдын жоболорун жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды жүргүзүү боюнча иштерди уюштуруу.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты менен бирдикте бир айлык мөөнөттө аткаруу бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуунун конституциялык принциптерине негизденүү менен жогоруда аталган Жардыкка ылайык мурда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиги жүргүзүп келген төмөнкү функцияларды бөлүштүрүү боюнча иш жүргүзсүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, анын ичинде мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу, мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын ажыратуу маселеси жагында Мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагында мамлекеттин милдеттерин жүргүзүүнүн кепилдигин камсыз кылуу боюнча чараларды кабыл алуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүргүзүүдө жарандардын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо боюнча чараларды кабыл алуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук жана финансы-экономикалык негиздерин чыңдоо боюнча мамлекеттик жана улуттук программаларды жана башка чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу жолу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын реформалоо жүргүзүү боюнча ишти уюштуруу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык уюмдар, коомдук бирикмелер менен өнүктүрүү жана алардын ишмердигин координациялоону камсыз кылуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик бийликтин борбордук жана жергиликтүү органдарынын өз ара мамилесин өнүктүрүүгө жана алардын биргелешкен ишине талдоо жасоо жана мониторинг жүргүзүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына уюштуруу, укуктук, усулдук жана консультациялык жардам, анын ичинде жергиликтүү жамааттардын уставдарынын таасирдүүлүгүн

жогорулатуу, калкты аймактарды өнүктүрүү боюнча иштерге тартуу, жарандык коомдун потенциалын жогорулатууга көмөк көрсөтүү маселелеринде жардам көрсөтүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин маселелери боюнча маалыматтар банкын түзүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы иштин абалын иликтөө, алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Мыйзамдарынын талаптарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткарышы боюнча иш жүргүзүү;
- айылдардын, поселкалардын жана шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын башчыларын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өз убагында уюштуруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларынын өз ыйгарым укуктарын аткаруу боюнча отчетторун жергиликтүү жамааттардын курултайларына берүү боюнча ишти координациялоо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосунда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын ортосундагы, ошондой эле ар кандай аймактык деңгээлдеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы келип чыккан талаш кырдаалдарды өз компетенциясынын чегинде кароо;

3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы бир айлык мөөнөттө ушул Жарлыктан келип чыккан зарыл уюштуруу чараларын кабыл алсын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин ченемдик укуктук актыларынын тийиштүү долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына киргизсин.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 28-июнундагы N 327 «Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматты камсыз кылуунун жана уюштуруунун негизги маселелери жөнүндө» Жардыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
- жогоруда аталган Жардыкка 2, 3 жана 4-тиркемелерде бүткүл текст боюнча: «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиги» жана «Улуттук агенттик» деген тийиштүү жөндөмөдөгү сөздөр тийиштүү түрдө «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы» жана «Мамкадр кызматы» деген тийиштүү жөндөмөдөгү сөздөр менен алмаштырылсын.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 28-октябрындагы N 503 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиги жөнүндө» Жардыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 23-январындагы N 27 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттигинин ишин камсыз кылуу маселелери жөнүндө» Жардыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 27-декабрындагы N 468 «Айыл калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылууга багытталган кошумча чаралар жөнүндө» Жардыгынын 2-пункту.

6. Бул Жардыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**А. Атамбаев**

# Кыргыз Республикасынын Президентинин "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча айрым маселелер тууралуу" 2012-жылдын 17-февралындагы №44 Жардыгына карата ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН САЯСИЙ КОНТЕКСТИ ЖАНА СЕРЕБИ

КР резидентинин бул Жардыгын мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын функцияларын ирээтке келтирүү жана андан ары ажыратуу боюнча чара катары гана эмес, ошону менен катар акыркы бир нече жыл ичинде өлкө саясатчыларынын Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу кандай болуш керек деп чече албай, бир жерде турганын жеринен баштап алдыга карай кадам деп эсептесе болот. Ушул Жардыгы менен президент мындан ары мамлекеттик башкарууну борбордон алыстатуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө карата кадам таштады деп ишенгибиз келет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүү тарыхы, көптөгөн жана бир нече жылдар бою жүргүзүлгөн изилдөөлөр, ошондой эле фактарды эл аралык тажрыйба менен айкалыштыруу төмөнкүдөй так кесе бүтүм чыгарууга негиз берет.

1. Карапайым адамга эң жакын деп эсептелген башкаруу системасы катары жергиликтүү өз алдынча башкарууну адамзатынын бир кылка өнүгүүсү үчүн керек болгон зарыл шарт деп караса болот.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзү мамлекеттин жана коомдун өзгөчө мамилесин талап кылат. Бул мамиле кыска мөөнөттүү партиялык-саясий, же тек гана экономикалык кызыкчылыктар менен чектелбеш керек.

Азыркы учур жергиликтүү өз алдынча башкарууга төмөнкүлөр үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө эң ыңгайлуу убакыт:

1) жергиликтүү жамааттардын саясий, административдик жана каржы-экономикалык өз алдынчалуулугун бекемдөө;

2) адамдын ар тараптуу өнүгүүсүнө багытталган кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

Бул үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Анын ичинде:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыныгы демократиялык саясий-укуктук базасын түзүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берген жаңы Конституция;

2) бийликти борбордоштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну чектөө үчүн жасалган аракеттерге бөгөт коюуга жөндөмдүү көп партиялуу система, активдүү жарандык коом жана партиялык парламент;

3) жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү тармагындагы мамлекеттик эгемендүүлүк алган 20 жылдан бери топтолгон тажрыйба;

4) бир кылка болбосо да анык мыйзамдык база;

5) калктын алардын ой-мүдөөсүн, кызыкчылыктарын бийликке жеткирүүсүн камсыздай ала турган башкаруу системасын көргүсү келип жатканы;

6) эксперттердин дарамети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүгү жана каалоосу бар муниципалдык кызматкерлердин ири корпусу болгону.

Түзүлгөн кырдаалда өзгөчө эмне маанилүү? Эң негизгиси – бир кылка жана ойлонуп аракеттенүү керек. Буга чейинки чаржайыт жана туруксуз аракеттерден улам мамлекет бирде ЖӨБну каржы жагынан камсыздабастан ага саясий автономия берип, бирде саясий автономиясын тартып алып, каржылык өз алдынчалуулук берип келген. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча ар тараптуу стратегияны бери дегенде 2020-жылга чейин иштеп чыгуу зарыл. ЖӨБ элеси – 2020 мунун багыт көрсөтүүчүсү болушу шарт. Бул стратегиянын негизги тапшырмалары төмөнкүлөр болушу керек: жергиликтүү жамааттардын жана алардын башкаруу органдарынын саясий, административдик жана каржылык автономиясын камсыздоо. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жооп бериши керек болгон маселелер так аныкталышы керек.

Өнүккөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу бери дегенде төмөнкүдөй болгонун түшүнүү маанилүү:

- күтүү, адамдардын жеринде аракеттенүү предмети жана алардын жеринде кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчиликтин бир бөлүгүн өзүнө алуу менен башкарууга катышуунун реалдуу мүмкүнчүлүгү;
- мамлекетти ага мүнөздүү болбогон функциялардан "жеңилдетүү" ыкмасы;
- бийлик үчүн партиялар аралык күрөштүн калпыстыктарын толуктоо ыкмасы, мында парламенттик шайлоодо жеңишке жетишпей калган партия ЖӨБ деңгээлиндеги иштеринин жана жеңиштин эсебинен өзүнүн борбордогу абалындагы кемчиликтерин толуктап, муну менен мамлекеттик саясатка таасирин тийгизүүгө кудуреттүү;
- жергиликтүү жамааттардын күчү жана эсебинен экономиканы өнүктүрүү, маданиятты жана социалдык өнүгүүнү колдоо ыкмасы.

Кемчиликтерине караганда жетишкендиктери көбүрөөк болгону анык. Ошондуктан тобокелчиликтерге жана минималдык чыгымдарга карабастан мамлекеттик бийликти борбордон алыстатуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн мамлекет мындан ары пландуу жана комплекстүү кадамдарды жасоого милдеттүү. Ошол эле маалда эгерде мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкарууну бекемдөө маселесине көңүл бурбаса, же аларды экинчи баскычтагы мамлекеттик органдын карамагындагы тармакка өткөрүп койсо, кырдаал жакшы жагына өзгөрөт деп күтпөй эле койсо болот. Бул маселелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы саясатты иштеп чыгуу, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын комплекстүү өнүгүү маселеси үчүн жооптуу болгон эң жогорку деңгээлде чечүү зарыл.

Эгерде буга чейин ушул функцияларды Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттик аткарып келсе, эми өкмөт структурасындагы жана аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын бардык системасындагы өзгөрүүлөргө байланыштуу бул функциялардын көбү мамлекеттик органдарды кайра түзүүнүн жүрүшүндө көңүл назарынан чыгып калышы ыктымал болуп турат.

Өзгөчө бул нерсе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түптөлгөн күнүнөн тарта ушул убакытка чейин көп учурда сезилээрлик күч катары каралып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринин алып жүрүүчүсү жана сактоочусу болуп, жетишээрлик деңгээлде иш тажрыйбасын алган муниципалдык кызматкерлердин ири корпусу үчүн кооптуу. Муниципалдык кызматтын корпусу мамлекеттик кызматтын кадимки резерви, анын негизи болуп эсептелет. Буга чейин топтолуп келген башкаруу тажрыйбасын сактап калуу, аны мындан ары да арттыруу жана мамлекеттик кызмат тажрыйбасы менен биргеликте чыгармачылык менен өнүктүрүү – мамлекеттин милдети.

Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын президентинин 2012-жылдын 17-февралындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча айрым маселелер тууралуу" №44 Жарлыгы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн жаңы баскычындагы башаттык пункт болуп калышы ыктымал. Бирок бул нерсе анын артынан жогоруда айтылган стратегиялык документтер пайда болгон учурда жана Жарлыктын негизинде мамлекеттик бийлик бутактары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун эсепке алган мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата так жана реалдуу саясаты түзүлгөн учурда ишке ашат.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

# КУРУЛУШ ЖАНА РЕГИОНДУК ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК ЖӨНҮНДӨ

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №126 Токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы № 12 "Кыргыз республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар жөнүндө" жана 2012-жылдын 10-февралындагы № 87 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин реформалоого байланыштуу уюштуруучу чаралар жөнүндө" токтомдоруна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобо № 1 тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин башкаруу схемасы № 2 тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин, мамлекеттик архитектуралык-курулуш көзөмөл функциясын кошпогондо, укуктук мураскери болуп эсептелээри белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигин каржылоону учурдагы финансы жылы үчүн республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги эки айлык мөөнөттө:
- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- ведомстволук бөлүмдөр жөнүндө жоболорду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бекитүүгө киргизсин;
- нормативдик укуктук актыларды ушул токтомго ылайык келтирүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизсин.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:
- постановление Правительства Кыргызской Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-сентябрындагы № 578 "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин алдындагы Айылдарды суу менен камсыздоо департаментин түзүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 27-августундагы № 542 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-декабрындагы № 751 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттиги жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-мартындагы № 164 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин ведомстволук бөлүкчөлөрү жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пункту;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 9-ноябрындагы № 274 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин Кыргыз курорттук-рекреациялык жана туристтик комплекстер боюнча илимий-изилдөө жана долбоорлоо институту жөнүндө" токтомунун 5-пункту.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын реалдуу сектор жана инфраструктура бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **Ө. Бабанов**

# Биз "даамсыз буламыкты" райондордо бышырабыз, же 2012-жылдагы шайлоо өнөктүгү алдында



**Надежда Добрецова,**
"Муниципалитет" журналынын баш редактору,
Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы

Өлкө жергиликтүү шайлоо өнөктүгүнүн алдында турат. Бул шайлоо жарандардын буга чейин болуп көрбөгөндөй активдүүлүгүн даярдап жатат жана азыртадан эле өкмөттүн башкаруусундагы региональдык деңгээлине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата мамлекеттин анык саясаты болбогонунан улам кырдаалдын чыңалышы менен айырмаланып жатат. Бүгүнкү күндө райондордун деңгээлинде ыйгарым укуктардан, бийлик бутактарынан, өкмөттүн жана саясий партиялардын кызыкчылыктарынан өтө даамсыз буламык даярдалып жатат жана бул буламык эми-эми турукташып келаткан коомду ууландырышы ыктымал. Акимдерди шайлоого байланыштуу чуулгандуу окуялар да буламыкка мурч кошкондой болду. Андыктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана аймактык өнүктүрүүгө карата мамлекеттик саясат менен ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө байланыштуу маселелерди чечпесек бул буламыктын жаман даамы көпкө чейин кетпей калышы ыктымал.

## Ким кимдин алдында жооптуу?

2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган, учурда иштеп жаткан КРнын Конституциясы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу" Бөлүмүнө өзгөртүүлөрдү жана оңдоолорду киргизди. 111-беренеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт: жергиликтүү кеңештер – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана айыл өкмөтүнүн өкүлдөр органдары, шаарлар мэриялары – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары. Ошондой эле Конституция жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана алардын кызматтагы адамдары өз ишмердүүлүгү боюнча жергиликтүү кеңештердин алдында жооптуу болгонун аныктады. Башкалар боюнча Конституция мыйзамга шилтейт. Муну менен борбордон алыстатуу боюнча бардык улуттук жана эл аралык тажрыйбаны эске алган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаңы укуктук базасын түзүү боюнча республика үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк пайда болгон. Жаңы укуктук база жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий, административдик жана каржы автономиясы үчүн кеңири шарттарды түзүп бермек. Түзүп бермек. Бирок түзгөн жок.

2011-жылдын 15-июлунда кабыл алынган "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзам көп жагынан мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата катаал көзөмөлүн сактап калды. Өкмөт өлкөдөгү социалдык-саясий кырдаалды турукташтырууну ойлонуп, революциядан кийинки баскычта өз алдынча башкаруу процесстерине активдүү таасир этүүгө ниеттенип жаткандай. Бирок жаңы мыйзам түпкүрүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларына талапкерлерди көрсөтүү укугун мамлекеттик чиновниктерде (премьер-министрге – шаарлардын мэрлеринин талапкерлерин жана мамлекеттик администрация башчыларына – айылдык аймактардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларынын талапкерлерин) калтыруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигин түзүүнүн мурдагы принцибин сактап калды.

Адистердин айрымдары бул кырдаал демократиялык болгонун белгилеп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий автономия принцибине жооп берет деп эсептейт. Анткени ЖӨБнун аткаруу органынын башчысынын кызматына талапкерди көрсөтүү укугу жергиликтүү кеңештин депутаттарына да тиешелүү. Бирок 2011-2012-жылдар ичинде өлкөдө өткөн ЖӨБнун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоо мыйзамды колдонуу практикасы либералдуу, ал эми жергиликтүү кеңештин туруму жергиликтүү мамлекеттик администрациянын турумуна караганда күчтүү болот деген үмүттү актаган жок. Чындыгында эле мамлекеттик администрациялар дайыма эле өзүнүн талапкер көрсөтүү укугунан колдонгон жок. Көпчүлүк учурда талапкерлерди жергиликтүү кеңештер көрсөтүп жатты. Ошентсе да жыйынтыгында шайланган башчылардын көбү жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан көрсөтүлгөндөр болду. Мисалы, Борбордук шайлоокомдун маалыматы боюнча, 2012-жылдын 20-январында өткөн шайлоодо 16 айылдык аймакта башчы болгон 11 талапкерди жергиликтүү мамлекеттик администрация көрсөткөн. Мында райондук мамлекеттик администрациянын атынан 21 талапкер көрсөтүлгөн, алардын тогузу өттү, башкача айтканда дээрлик ар бир экинчиси. Кеңештин атынан 20 талапкер көрсөтүлгөн, алардын бешөө гана өттү, башкача айтканда ар бир төртүнчүсү. Мындай кырдаал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчеттуулук проблемасы сакталып калганын далилдейт. Анткени мамлекеттик администрация тарабынан көрсөтүлгөн талапкер биринчи кезекте аны "жылдырган" тарапка кылчактап тураары турган иш да. Ал эми

элчи? Эл эмне болмок эле, эл күтө турат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын лидерлери чындыгында эл алдында жооптуу болуш керек, эл тарабынан көрсөтүлүп, калк тарабынан тандалыш керек. Эгерде бүгүн айыл өкмөттүн башчысынын алдына же жарандардын чогулушуна барыш керек, же райондук акимдин чакыруусу боюнча ага барыш керек деген тандоо пайда болсо, башчы жергиликтүү мамлекеттик администрациянын пайдасына чечим кабыл алат деп божомолдосо болот. Эгерде аны элеттин тургундары, же жергиликтүү кеңештин депутаттары тандаса, балким чечими өзгөрмөк. Маселе башкада: ЖӨБнун аткаруучу жетекчисин ким тандаш керек – жергиликтүү кеңештин депутаттарыбы же түз шайлоо жолу менен жарандарбы? Эки вариантта тең жетишпегендиктер да, артыкчылыктар да бар. Тандоо жеңил эмес, бирок бул жерде маселени чечүүнүн жаңы, күтүүсүз жолун тандаса болот.

## Региондор өздөрү чечеби?

Белгилей кетчү жагдай, биздин өлкөдө калк шайлоо механизмине ар башка көз караште. Өлкөнүн жарандары шайлоо тууралуу төмөнкүдөй пикирде: жалпысынан дээрлик 76 пайызы, анын ичинен 60 пайызы шайлоо түз өтүш керек деп эсептейт, 16 пайызы кыйыр түрдө, жергиликтүү кеңештин депутаттары аркылуу өтүш керек деген пикирде. Бирок аймактык жагынан алып караганда карама-каршылык чыкты. Мисалы, Баткен облусунун тургундары шайлоо кыйыр түрдө, жергиликтүү кеңештин депутаттары аркылуу өтүш керек десе, Нарын жана Таластын тургундары түз шайлоо аркылуу өздөрү эле ЖӨБнун мыкты башчыларын шайлай алышаарына ишенишет. Юристтер мындай ар башка пикирге жооп берүүгө даяр. Алардын баамында, мыйзамга норма киргизиш керек. Ага ылайык, ЖӨБнун башчыларын кандай жол менен тандаарын жамаат өзү чечиш керек – кеңеш тандайбы, калк өзү тандайбы, же сынак боюнча тандалабы. Бул да жаңы Конституцияга жана коомдогу демократиялык маанайга, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызына төп келет.

## Ролдор, жүздөр, кызыкчылыктар аралашты...

Учурдагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзам ЖӨБ органдары деп атоо менен райондук кеңештерди сактап калганы дагы бир көйгөйдү жаратты. Бул акылга сыйбаган кырдаалга себепчи болду – райондук кеңештер өкмөттүн аймактык бөлүмдөрүнүн – жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (ЖМА) алдындагы кандайдыр бир өкүлдөр органы болуп эсептелет. Бирок ЖМА өкмөттүн алдында гана жооптуу жана райондук кеңештердин аткаруу органы катары чыга албайт. Ошондой эле райондук кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп эсептелбейт, анткени Конституцияга жана башка нормативдик укуктук актыларга ылайык, райондук деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу жокко эсе. Тескерисинче, район мамлекеттик башкаруунун принциптерине негизделип башкарылат, андыктан бул деңгээлде жергиликтүү мамлекеттик администрациялар түзүлөт. Алар болсо аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдар системасындагы эң төмөнкү деңгээл болуп саналат. Буга байланыштуу райондук акимдердин райондук кеңештердин депутаттары тарабынан шайланышы кырдаалды ого бетер чаташтырды. Райондук администрациянын башчылары – өкмөттүн чиновниктеринин маңызы, алардын аймактардагы өкүлдөрү. Алар райондук кеңештер тарабынан шайланбашы керек, алар дайындалышы керек. Анткени аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдар системасында бийлик вертикалы бар (жана ушундай болуш керек!). Буга ылайык, мамлекеттик органдардын төмөндө турганы жогорудагысына баш иет. Болбосо өкмөт үчүн Конституция боюнча жоопкерчиликтүү болгон өз программаларын ишке ашырууга жана өз функцияларын аткарууга кыйын болот. Тандалма жол АТКАРУУ бийлигине карата ылайыксыз, анткени ал мыйзамды/чечимдерди АТКАРЫШ керек. Өкмөт – Жогорку Кеңештин ишчи колдору. Райондук акимдер – өкмөттүн региондордогу ишчи колдору. Аларды кантип шайлайбыз? Анткени шайлоо маселеси – жоопкерчилик маселеси. Ким шайласа, ошол талап кылат. Анда премьер-министр акимдерден талап кыла албай калабы, анткени алар кеңеш алдында жооптуу болуп калат да. Ал эми иш жүзүндө андай эмес – алар баары бир өкмөт алдында жооптуу, анда шайлоонун эмне кереги бар?

Дегеле райондук кеңештер мыйзамда өтө эле "асылып калды". Эгерде КР премьер-министри жергиликтүү кеңештердин сунушу менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчыларын дайындай алат жана иштен бошото алат (Конституциянын 89-беренеси, 7-пункту) деген Конституциялык норма жөнүндө айта турган болсок, анда бул норманын маңызын сөзмө сөз чечмелей келсек (бул норма туура же туура эмес деген талкуу жүргүзбөстөн), мында жергиликтүү кеңештердин, мунун алдында Конституциянын 111-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарын түшүнсө болот, мына ушулардын ыйгарым укуктары тууралуу сөз болот. Мына ушундай деп тиешелүү райондун аймагында жайгашкан айылдардын жана шаарлардын жергиликтүү кеңештери эсептелет. Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын талапкерлиги боюнча сунушту берүү укугуна, жогоруда айтылгандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы деп эсептелбеген райондук кеңеш эмес, жергиликтүү кеңештер берүү укугуна ээ.

Белгилей кетүү зарыл, райондук кеңештер өз маселелеринин чөйрөсүнө ээ эмес. Мурда алар жок дегенде райондук бюджетти бекитчү. 2012-жылы райондук бюджет болбойт өңдөнөт. Эми аларды бир нерсе менен алагды кылуу үчүн ушул шайлоо ойлоп табылгандай. Бирок бул – ыйгарым укуктарды жасалма "көбүртүү", ал өзгөчө бир максатты көздөйт – партиялык курулушка жардам берүү. Негизи партиялык курулушка каршы эч оюм жок, ошентсе да менин терең ишенимимде, партияларды жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн эсебинен, же ага зыян келтирүү менен курбаш керек. Партиялык курулуш менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун максаттары жана милдеттери ар башка. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлиндеги партиялык куру-

луш партиялык кызыкчылыктар тарапка өтүүгө, адамдарды партиялык принцип менен бөлүүгө алып келет. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги маңызы – белгилүү бир аймактын жергиликтүү жамааты алар тарабынан түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешип, өзүнүн турмушуна тиешелүү маселелерин (суу, канализация, таштанды, көчөлөрдү жарыктандыруу, коомдук транспорт ж.б.) чечет. Партиялык курулуш жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө, адамдардын өзгөчө маанилүү маселелерин биргелешип чечүүсүнө тосколдук кылат.

Мындан тышкары райондук акимдерди шайлоо өкмөткө аброй кошпойт. Башкаруу вертикалы райондун деңгээлинде аякташы керек жана чындыгында эле вертикал болуш керек – катуу көзөмөлдөнгөн жана мыкты башкарылган. Анда отчеттуулукка, башкаруучулукка сокку уруунун кажети барбы? Анткени мына ушундан өкмөттүн региондордогу ийгиликтүү иш алып баруусу көз каранды эмеспи.

* * *

Ушундан улам "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзам кыска аралыктуу, убактылуу мүнөзгө ээ. Муну анын кабыл алышына түрткү болгон өкмөт да көп жолу белгилеген. Ошол эле учурда райондук деңгээлде түшүнүктөрдүн, ыйгарым укуктардын, жоопкерчиликтин жана отчеттуулуктун башаламандыгы мамлекеттик башкаруунун эффективдүүлүгүнө зыянын тийгизип жатат. Бул болсо таң калууну жараткан жок, бул түшүнбөстүккө түртүп жатат - жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында жана регионалдык өкмөттө саясаттын жоктугу коркунучтуу, зыяндуу жана келечеги жок болгонун эки саясий кризис далилдеген жокпу? Учурдагы бийликти курулган үч завод да, он завод да куткара албайт. Аны региондордогу маселелерге олуттуу көңүл буруу сактап калат. Бул адегенде башкаруудагы тартип, адамдардын жашоо шартынын реалдуу жакшырышы, алардын башкаруу жана чечим кабыл алуу процессине тартылышы. Мына ушул нерселер өкмөттүн туруктуу жана ийгиликтүү иштешинин негизин түзөт.

Эгерде мамлекеттик бийлик мурдагы бийликтегилердин тагдырын кайталабагысы келсе, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" жаңы маңыздуу мыйзам кабыл алуу чечимине келиш керек. Эң жакшысы, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу Кодексти иштеп чыгуу маселесине кайтыш керек. Ал жерде ЖӨБ тармагындагы мыйзамды коддоштуруп, бул тармактагы бардык коомдук мамилелерди комплекстүү жөнгө салууга болот. Көйгөйдүн баары төмөнкүдө: Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнүн 20 жылдык тарыхы ЖӨБ системасы (мамлекеттик башкаруунун бардык системасы өңдүү эле) туруктуу, чукул, адатта өзүн өзү актабаган жана бир калыпта жүрбөгөн өзгөрүүлөргө кабылып келатканын далилдеп жатат. Бул өзгөрүүлөрдүн негизги милдети экономикада жана социалдык мамилелерде курч кризистик көрүнүштөр пайда болгон шартта башкарууну камсыздоо болуп эсептелчү. Бул бара-бара саясий мүнөзгө ээ боло баштады. Тиешелүү учурларда өлкөнү башкарган адамдардын алгачкы милдети – бийликти өз колунда кандай болгон күндө да сактап калуу болгон. Бул аракет өтө ашкере жана өзүн өзү актабаган борбордоштуруунун, ЖӨБ тармагындагы реформалардан баш тартуунун эсебинен жасалып келген. Башкаруунун стратегиялык маселелерин эч ким караган эмес жана алар арткы планда кала берген. Андай болсо тарых бийликти эч нерсеге үйрөткөн жокпу?

# Шайлоо белгиленди

Президент Алмазбек Атамбаев "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Ош жана Чүй облустарында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону дайындоо тууралуу" Жардыкка кол койду.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 49-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбаев Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим айылдык аймагынын айылдык кеңешине, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылдык аймагынын айылдык кеңешине жана Балыкчы шаардык кеңешине, Ош облусунун Алай районундагы Будалык айылдык аймагынын айылдык кеңешине, Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Милянфан айылдык аймагынын айылдык кеңешине жана Кемин районундагы Кемин шаар тибиндеги поселоктун поселоктук кеңешине шайлоону 2012-жылдын 25-мартында, жекшемби күнү өткөрүүнү дайындады.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жогоруда айтылган өкүлдөр органдарына шайлоону өткөрүү ишин уюштуруу тапшырылды.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын чыгаша сметасына ылайык шайлоону өткөрүү, шайлоого даярдык жана аны өткөрүү маалында мыйзамдуулукту, жарандарын укуктарын жана эркиндигин камсыздоо, коомдук тартипти коргоо боюнча чара көрүү үчүн зарыл болгон финансы каражаттарын бөлүү тапшырылды.

Өлкө башчысынын "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Ош, жана Чүй облустарынын жергиликтүү кеңештерин таратуу тууралуу" башка Жардыгы менен Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим айылдык аймагынын айылдык кеңешин, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылдык аймагынын айылдык кеңешин жана Балыкчы шаардык кеңешин, Ош облусунун Алай районундагы Будалык айылдык аймагынын айылдык кеңешин, Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Милянфан айылдык аймагынын айылдык кеңешин жана Кемин районундагы Кемин шаар тибиндеги поселоктун поселоктук кеңешин таратуу бекитилди.

Жардыктар расмий жарыяланган күндөн тарта күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын президентинин басма сөз кызматы.**

# «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун жаңылыктары

## Улуттук пландоо отуруму: Долбоордун 2012 – 2014 жж. аралыкта аткара турган иш-аракеттеринин планы аныкталды

2012-жылдын 31-январында Долбоор Улуттук пландоо сессиясын өткөрдү, жана анны жүрүшүндө бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен долбоордун 2012-2014-жж. аткарыла турган иш планын талкуулады. Сессияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, маморгандардын, бейөкмөт жана донордук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган 60ка жакын адам катышты. Долбоордун башталгандыгына байланыштуу Жогорку Кеңештин депутаттары, Өкмөттүн жана Президенттин Аппараттарынын өкүлдөрү кубаттоо сөздөрүн айтышты. Долбоордун жетекчилиги киришүү убакыт аралыгында сынамык аймактарда аткарылган иш-чаралар жана натыйжалар тууралуу айтып беришти. Долбоор 2011-жылдын 1-ноябрында өз ишин баштаган. Сынамык муниципалитеттер катары Ивановка АА (Чүй облусу), Ленин АА (Жалал-Абад облусу) жана Төрт-Күл АА (Ысык-Көл облусу) тандалып алынган. Төрт айлык убакыт аралыгында долбоордун алкагында 90дон ашык иш-чара өткөрүлүп, аларга 2700дөн ашуун адам катышкан.

Катышуучулардын көпчүлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу багытындагы мындай ири долбоор ишке ашырыла баштагандан мурун талкуулоо тажрыйбасы менен биринчи ирет кездешип жаткандыктарын айтышты. Адатта долбоорлор өз пландарын жана максатуу аудиторияларын (иштеше турган тараптарды) өз алдынча түзүлүп жана каржылап жаткан тарап бекиткенден кийин гана маалымдашат. Бирок кызыкдар тараптардын долбоор башталгандан мурун пландоо иш-чарасында катышкандыгы долбоорду мыкты башкаруу, бири биринин ниеттерин эске алуу, жана, жыйынтыгында эң мыкты натыйжаларга жетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Долбоордун иш-аракеттеринин планы, анын иштөө географиясы жана максаттуу өнөктөш муниципалитеттердин саны тууралуу «Муниципалитет» журналынын кийинки чыгарылыштарында тартууланат.



**"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс долбоору"**
**Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү Министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланат.**
**Кыргыз Республикасынын аймагында Өнүктүрүү саясат институту тарабынан ишке ашырылат.**

# Жарандардын катышуусун көбөйтүү: угуулардан да көп

Долбоор өз өнөктөштөрүнө бюджеттик процессте катышууну Кыргызстанда адатка айланып калгандай эмес, андан кененирээк кароону сунуштап жатат. Адатта жарандардын бюджеттик процесске катышуусу бюджет боюнча коомдук угууларга баруу менен гана чектелип калчу. Сынамык айылдык аймактарда иш алып баруу тажрыйбасынан улам, Долбоор, бюджеттик календарь жана расмий бюджеттик процесс бөлүнгөндөн да кыскараак этаптарга бөлүнгөн бюджеттик процессте коомчулуктун катышуу механизмин иштеп чыгууга жана сүрөттөп берүүгө аракет жасоодо. Тапшырма – бюджеттик талдоо жана катышуу жөндөмдөрүн коомчулукка кененирээк жана толугураак адатташтыруу максатында, жергиликтүү деңгээлде расмий бюджеттик процесстин чегинен чыгуу. Башкача айтканда, Долбоор жалпы айылдык аймактын бюджетин карап гана тим болбостон, бирок ошол эле учурда түрдүү бюджеттик иш-чаралардын алкактарында анын деталдуу тутумуна көбүрөөк көңүл буруш керек болот. Долбоордун түшүнүгүндө бюджеттик иш-чаралардын принциптери деген – бул жалпы бюджеттик циклди камтуу, жарандардын катышууларынын түрлөрүнүн көптүгү, түрдүү максаттуу топтордун тартылуусу (мисалы, тарифтер, аткаруу боюнча угуулар, мектептердеги класстык сааттар, мектеп бюджети боюнча угуулар). Бул принциптерди сактоо жарандарды бюджеттик процесске тартуу боюнча ЖӨБ органдарынын жөндмөдөрүнүн кеңейишине алып келет. Бюджеттик иш-чаралардын түрдүү варианттарын сынап көрүү чегинде, Долбоор өз сынамык муниципалитеттерине бир катар бюджеттик иш-чараларды өткөрүүгө жардам берди.

# Ленин айылдык аймагында турмуш-тиричилик чарбасын түзүү боюнча коомдук угуулар: жарандар таштанды чыгаруу кызматы үчүн 25 сом акы төлөгөнгө макулдугун беришти






Жалал-Абад облусунун Ленин айылдык аймагында үстүбүздөгү жылдын 27-январында өткөрүлгөн бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулардын негизги темасы болуп турмуш-тиричилик чарбасын түзүү каралды. Угуулардын эң башкы жетишкендиги катары айыл тургундарынын аталган коммуналдык ишкананын түзүлүшүн жактыргандыгын эсептесе болот. Айыл өкмөтүнүн башчысы Чолпонбек Мурзакановдун айтуусунда, 20 жылдын ичинде санитардык абал маселеси айылдык аймактардын эң бир курч көйгөйү болуп келген, себеби көпчүлүк айылдарда таштандыны чыгаруу, жолдорду оңдоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү кызматтары жок. Ленин АА бул маселени чечүү багытында олуттуу кадамдарды баштоону чечкен, жана, ошол себептен, жергиликтүү кеңештин 2011-жылдын 14-декабрында болуп өткөн отурумунда кабыл алынган чечимдин негизинде, таштандыны чыгаруу үчүн атайын 1,1 га жер бөлүнүп берилген. Коомдук угууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу абдан маанилүү маселени – таштандыны чыгаруу тарифи

канча сомду түзүшү керек экендигин алып чыкты. Айыл тургундары бул кызмат үчүн канча акы төлөшү керек? Бул маселенин приницпиалдуу учуру болуп бул суроонун эл алдына алынып чыккандыгында болду. Анткени так ошол элдин катышуусунан, анын бул кызмат үчүн акы төлөөгө даярдыгынан жаңы түзүлүп жаткан ишкананын ийгилиги, төлөмдөрдү жыйноо иш-аракеттери жана анын натыйжасы көз каранды болот. Талкуунун натыйжасында аймактын жашоочулары ар бир короо 25 сомдон төлөй тургандыгына макулдугун беришти.



## Төрт-Күл айылдык аймагындагы бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар: калктын бюджетке болгон жаңы көз карашы






2011-жылдын бюджетинин аткарылышы тууралуу коомдук угуулар 2012-жылдын 27-январында Төрт-Күл айылдык орто мектебинде да болуп өттү. Угууларга 150дөн ашык адам катышты: мамлекеттик жана коомдук түрдүү уюмдадын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, дыйкандар жана ишкерлер, жаштар, Төрт-Күл айылдык аймагынын жашоочулары. Иш-чаранын жүрүшүндө аймактын тургундарына чыгымдар тууралуу кеңири маалымат аберилди (бюджеттин деталдуу статьялары). Көпчүлүк катышуучулар үчүн 19421,7 млн. сомду түзгөн Төрт-Күл айылдык аймагынын жалпы бюджетинин аз гана бөлүгү – болгону 917 миң сом (5% жакын) ЖӨБОнын өздүк кирешесинен, ал эми кирешелердин негизги бөлүгү республикалык бюджеттин гранттарынын эсебинен түзүлөөрү жаңылык болду. Мындан сырткары, бюджеттин жалпы чыгашаларынын 84% билим берүүгө сарпталгандыгы тууралуу маалымат айыл тургундары үчүн күтүүсүз болду. Эмки кезекте ЖӨБ органдарынын планында эң бир көйгөйлүү деп каралган маселе турат – чарбачылык катуу таштандыларды чыгаруу боюнча коомдук угууларды өткөрүү.

# Ивановка айылдык аймагындагы билим алуу жана турмуш-тиричилик чарбасын түзүү боюнча коомдук угуулар




2012-жылдын 26-январында Ивановка айылдык орто мектебинде ЖӨБ органдары 2011-жылдагы бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуу өткөрдү. Иш-чарага жүздөн ашык адам катышты. Алардын арасында айыл өкмөтүнүн 18 кызматкери, жергиликтүү кеңештин 7 депутаты жана төрагасы, билим берүүнүн 22 кызматкери, демилгелүү топтун, жарандык коомчулуктун жана Ивановка айылдык аймагынын үч айылынын жергиликтүү тургундарынын өкүлдөрү да отурушту. Коомдук угууну АӨнүн жооптуу катчысы Гульнара Исмаилова алып барды.

Жалпы жана түшүнүүгө кыйыныраак болгон, дээрлик ар дайым угуп эле жүргөн 2011-жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча отчеттон айырмаланып, ЖӨБ органдары өз сөздөрүн конкреттүү жана аймактын эң көйгөйлүү маселелери болгон билим берүү жана турмуш-тиричилик чарбачылыгына багытталган темада сүйлөөнү чечти. Айыл өкмөтү атайын көргөзмө стенддерин жасап, «Знамя Победы» газетасынын атайын чыгарылышына буйрутма берип, анын беттерине бюджеттин ар бир статьясы боюнча отчет жайгаштырылган.

Айылдык аймактын тургундарында акча каражаттарынын сарпталышы жана кызмат менен камсыздоо эффективдүүлүгү туурасында төмөндөгүдөй көптөгөн суроолор туулду, мисалы:

- Биз эмне үчүн таштандыны чыгарууга жылына 14000 сом төлөйбүз, а бирок таштандыны жылына бир гана жолу алып чыгышат?
- Эмне себептен маршруттук унаалар өз маршрутунун аягына чейин чыгышпайт?
- Эмне себептен «билим берүү» ТТЧ акча каражаттарын «тартып алууда»?

Угуулардан кийин ЖӨБ келип үшкөн курч суроолорго жооп берүүгө даярданууда; жооп кадамы катары чарбачылык катуу таштандыларды (ЧКТ) башкарууну реформалоо, транспорттук ишкана менен болгон келишимди кайра карап чыгуу.

Ивановка айылынын тургуну Токтобек Курманов угуулар боюнча өз пикири менен бөлүштү: «Мен ушунча жашап, биздин айылда мындай оң иш-чарада болуп көрбөгөнмүн. Айыл өкмөтүнүн аппаратына чоң ыракмат: ар ким өзүнө маанилүү болгон суроосун бере алды. Жарандардын өзүлөрү активдүү болуп, айыл өкмөтүнө көбүрөөк талап кылышса, ошондо гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жакшы отчетторду берет. Ошондой эле, менде бир сунуш бар: беш же үч билимдүү адамдан турган коомдук кеңеш түзүп, алар бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөп, биздин күнөмдүгүбүздү жоюшсун. Анын иши кандай болуш керек? Мисалы, айыл өкмөтү жолду оңдоду, ал эми коомдук кеңеш бюджеттик каражаттардын сарпталыш эффективдүүлүгүн бааласын, объектти кабыл алууга катышсын. Ошону менен бирге эле маалымат такталарына эмен жасалгандыгы жан ага канча каражат сарпталгандыгы тууралуу маалымат илинип, аткарылган иштердин керектиги жана сапаты тууралуу жашоочулардын пикирин жарыялашсын».



# ЖЕРДИ КАНТИП МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ КАЙТАРЫШ КЕРЕК:

## коомдук керектөөлөр үчүн жер участокторун алуунун укуктук негиздери[1]

**Бекболот Бекиев**
**Өнүктүрүү саясат институту,**
**Борбордук Азия Университетинин**
**буйрутмасы боюнча**

### Маселенин актуалдуулугу эмнеде?

Муниципалдык башкаруу тармагында бош калган муниципалдык жерлер мүмкүн болушунча активдүү түрдө экономикалык жүгүртүүгө киргизилиши керектиги – колдонуучуларга киреше алып келип, жергиликтүү бюджетти толтуруп туруу үчүн сатылып, ижарага берилиши керектиги тууралуу көп айтылат. Бирок жашоодо тескери да кырдаалдар түзүлөт – муниципалитеттер инфраструктураны, анын ичинде транспорттук инфраструктураны да өнүктүрүшү керек. Андыктан өзгөчө чоң шаарлардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сатылып кеткен жерлерди кайрадан муниципалдык менчикке кайтаруу зарылчылыгына туш болушат. Бул, мисалы, кимдир бирөөнүн менчигиндеги объект жайгашкан жерде болочокто чоң жол же көпүрө курулушу керек болгон учурда пайда болот.

Бир жагынан адамдардын активдүүлүгү, унаа трафиги өскөн учурда же коомдук башка керектөөлөр пайда болгондо, экинчи жагынан бош жаткан муниципалдык жерлердин аянты азайганда бул проблеманын актуалдуулугу (өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларында) да өсө берет. Бул бийлик органдарын аларга коомдук керектөө үчүн жер участокторун кайра алууга жол ача турган тиешелүү нормативдик укуктук акттарды иштеп чыгууга түртүп турат.

Ошол эле учурда КРнын мыйзамдарынын анализи көрсөткөндөй, коомдук керектөөлөр үчүн жер тилкелерин алуу тартибине жана шарттарына байланыштуу мамилелер конституциялык, жер, жарандык жана КРнын башка мыйзамдарынын нормалары менен жөнгө салынат, алар болсо өз алдынча толук кандуу макулдашылган эмес жана бири-бири менен айкалышпай турат. Мыйзамды колдонууда анда көптөгөн жетишпегендиктер жана кабыл алына элек нормативдик укуктук акттардын нормалары болгону көйгөй жаратып жатат. Жалпысынан коомдук керектөөлөр үчүн жер тилкелерин алуу механизми учурдагы мыйзамдарда жөнгө салынган эмес.

Бул болсо мыйзамдагы нормалардын бир калыпта жана так колдонулушуна жолтоо гана болбостон, мыйзамсыз чечимдерди кабыл алууга жана жер тилкелери алынып жаткан адамдардын мыйзамдуу укуктарынын жана кызыкчылыктарынын бузулушуна шарт түзүп жатат.

Ушул иликтөөнүн жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамындагы белгилүү бир деңгээлде кемчиликтерди аныктоого, анын базасында жана бул маселеге байланыштуу башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын үйрөнүүнүн негизинде коомдук керектөөлөр үчүн жер участокторун алуунун тартибин жана шарттарын жөнгө салган мыйзамды жакшыртуу боюнча негизги багыттарды иштеп чыгууга жардам берет.

### Коомдук муктаждык – жер участокторун алуу үчүн негиз

Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алуу – жамааттын кызыкчылыгы үчүн жер тилкелерин кайра бөлүштүрүүгө жол ачкан, мамлекеттин коомдук кызыкчылыкты канааттандырууга багытталган буга чейин болуп келген механизм. Контитенталдык Европа өлкөлөрүндө бул процесс коомдук пайданын кызыкчылыгы үчүн жеке менчикти кайра алуу, ал эми жалпы укуктуу өлкөлөрдө мамлекеттин мажбурлоо жолу менен жеке менчиктен ажы-

[1] Бул изилдөө коомдук муктаждыктар үчүн калктуу пункттардын жер участкаларын кайтаруу маселелери менен чектелет жана көрсөтүлгөн максаттарга башка жер участкаларын кайтаруу маселелери менен байланышкан суроолорго тиешеси жок. Изилдөө Борбордук Азия Университетинин буйрутмасы менен өткөрүлгөн.

ратуу укугу катары белгилүү.

Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алуу – абийирдүү, мыйзамдуу  ээсин анын жер участогуна карата аракетине карабастан жер участогуна болгон укугунан мажбурлоо жолу менен ажыратат. Коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу тууралуу чечим кабыл алган ыйгарым укуктуу орган коомдук бийлик жана коомдук кызыкчылык үчүн аракеттенген субъект катары иш жүргүзөт. Мында коомдук керектөө үчүн жер тилкесин алуу мыйзамда каралган негиздерди катуу карманышы керек. Бул мыйзамдар коомдук бийликтин субъектисинин коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу укуктарын чектейт жана мындай учурларга өзгөчө мүнөз берет.

КР Конституциясынын 12-беренесине ылайык, менчик ээсинен анын мүлкүн эркинен тыш алуу коомдук керектөө үчүн керек болгондо гана мүмкүн. Коомдук керектөө үчүн зарыл болгон чакта анын укуктары мажбурлоо жолу менен токтотулат жана жер участогу алынат. Конституцияда коомдук дегенден тышкары башка "керектөөлөрдүн" түрлөрү каралган эмес.

Жер кодекси жер участокторун алууга карата "мамлекеттик", "муниципалдык" жана "коомдук" керектөөлөр түшүнүктөрүн колдонот. Ошол эле учурда аларды бир ыргакта эмес, системасы жок колдонот. Жер кодексинин бир нормаларында "мамлекеттик" жана "муниципалдык" керектөөлөр түшүнүгүнүн айкалышканы колдонулса (20-берене), башкаларында "мамлекеттик" жана "коомдук" керектөөлөр түшүнүгүнүн айкалышы колдонулат (29, 66, 68, 111-беренелер). Ал эми башка бир учурларда бул үч түшүнүк тең бир учурда айкалышат (32, 46-беренелер). Мыйзам чыгаруучунун мындай чечимдери бүдөмүк. Мыйзамда жогорудагы түшүнүктөр арасындагы айырмалар келтирилген эмес.

**Кээде калктын олуттуу бөлүгүнүн кызыкчылыктарын камтыган коомдук керектөөнүн масштабы жана мааниси ошол жердин ээсинин жер участогуна болгон кызыкчылыгынан бир топ ашып түшүшү мүмкүн болгон учурларды да четке какпаш керек. Мындай учурда ошол жер участогунун ээсинин мыйзамдуу укуктары жана кызыкчылыктары толук (!) корголот деген шарт менен коомдук керектөө үчүн жер тилкесин алууга негиз бар деп эсептейбиз.**

Жарандык кодекс мажбурлоо жолу менен жер участокторун алуу маселеси боюнча "мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр" түшүнүгүн колдонот (233-9, 233-17, 284-беренелер).

Белгилей кетчү жагдай, жер жана жарандык мыйзамдар бул бөлүк боюнча Конституцияга шайкеш келтирилиш керек жана андан "мамлекеттик" жана "муниципалдык" керектөөлөр дегенге шилтемелер алынып салыш керек. Коомдук керектөөлөр жер участогун алуу үчүн жалгыз негиз катары каралыш керек.

Тилекке каршы Конституцияда да, КРнын башка мыйзамдык акттарында да "коомдук керектөөлөр" түшүнүгү ачыкталган эмес. Конституцияда коомдук керектөөлөр мыйзамда (12-берене) аныкталышы керектиги гана көрсөтүлгөн. Конституциянын бул нормасына ылайык, мыйзамда гана коомдук керектөөнүн түрлөрү аныктала алат. Бул маселени кандайдыр бир башка нормативдик укуктук акттар менен жөнгө салууга жол берилген эмес. Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алуунун өзгөчө учурларын эске алуу менен, "коомдук керектөө" деген түшүнүктү жана жер участогун көрсөтүлгөн максаттар үчүн алууга негиздерди мыйзамда так аныктап алуу маанилүү. Биздин баамыбызда, бул маселелер КРнын Жер кодексинде жөнгө салынышы керек.

Ушул тапта коомдук керектөөнүн түшүнүктөрүнүн жана түрлөрүнүн мыйзамдагы аныктамасы болбогондуктан иш жүзүндө жер участокторун алуу мүмкүн болбой жатат. Анткени колдонуудагы мыйзамдарда коомдук керектөөнүн түшүнүгү жана түрлөрү аныкталган эмес.

Ошол эле учурда Жер кодексинде анын түшүнүктөрүн жана түрлөрүн аныктоо үчүн айрым алкактар белгиленди. Жер кодексинде коомдук керектөө үчүн жер участогун алууга төмөнкү учурларда жол берилбейт: турак жайды тейлөөгө жана жеке чарбалык иштерди жүргүзүүгө каралган жер участогун алуу (32-берене) жана көп батирлүү үйдө анын ээлеринин жалпы үлүш менчигинде болгон жер участогун алуу (46-берене). Булар адамдын турак жайы менен байланыштуу жер тилкелерине тиешелүү учурлар. Жогорудагы учурларда жер участогун алууга тыюуну КР мыйзамдарынын өзгөчөлүгү катары сыпаттаса болот. Жогорудагы тыюунун жүйөсү талаштуу. Бир жагынан мыйзам чыгаруучунун жогорудагы тыюуну киргизүү менен менчик укугун гана эмес, ошол эле учурда адамдын турак жайга укугун сактап жатканы түшүнүктүү. Башка жагынан алып караганда калктын олуттуу бөлүгүнүн кызыкчылыктарын камтыган коомдук керектөөнүн масштабы жана мааниси ошол жердин ээсинин жер участогуна болгон кызыкчылыгынан бир топ ашып түшүшү мүмкүн болгон учурларды да четке какпаш керек. Мындай учурда ошол жер участогунун ээсинин мыйзамдуу укуктары жана кызыкчылыктары толук (!) корголот деген шарт менен коомдук керектөө үчүн жер тилкесин алууга негиз бар деп эсептейбиз.

Ошондой эле белгилеп койчу жагдай, Конституциянын 42-беренесине ылайык, ар бир адам өз мүлкүнө, өз ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына ээ болуу, колдонуу жана каалаганындай пайдалануу укугуна ээ. Ар бир адам экономикалык эркиндикке, өз жөндөмүн жана өз мүлкүн мыйзам тарабы-

нан тыюу салынбаган экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүү үчүн эркин колдонууга укугу бар.

Конституциянын 12-беренесине ылайык, менчик ээсинин өз укуктарын ишке ашыруу тартиби жана чектери, аларды коргоо кепилдиги мыйзам тарабынан аныкталат.

Эмесе, жеке менчик укугу абсолюттук деп эсептелбейт. Ал мыйзам тарабынан бекитилген алкакта чектелиши мүмкүн. Коомдук керектөөнүн түрүн аныктоодо, менчик ээсинин жер участогуна болгон укугун ишке ашыруунун чектерин белгилөөдө жана аны коргоо кепилдигинде менчик ээси менен мамлекеттин (муниципалитеттин) кызыкчылыктарынын балансын так жана туура аныктап алуу зарыл. Мыйзам тарабынан аныкталган менчик укугунун мүмкүн болгон чектөөлөрү акыйкат, адекваттуу, пропорционалдуу, тең өлчөмдүү болуп, конституциялык маанидеги баалуулуктарды (мисалы, конституциялык түзүлүштүн негиздери, коргонуу жана коопсуздукту камсыздоо, эл аралык милдеттемелерди аткаруу ж.б.) коргоо үчүн зарыл болуш керек. Жогорудагы чектөөлөр көрсөтүлгөн конституциялык укуктарды тийбеши керек. Мамлекет өзү каалагандай менчик укугунан ажыратпаш керек же чектебеш керек. Болбосо, бул коомдук кызыкчылыктардын үстөмдүгүнө, жер участогу алынып жаткан адамдын укуктарынын бузулушуна алып келет. Андыктан көрсөтүлгөн максаттарга жер участогун алуу үчүн өзгөчө жүйө катары чыгып жаткан коомдук керектөөнүн түрлөрүнүн так жана соңку тизмесин аныктап алуу абдан маанилүү. Бул бийлик органдары тарабынан өзүмбилемдикке бөгөт болуп, жер участогуна болгон укукка тиешелүү мамилелерге карата туруктуулукту жана ишенимди жаратат.

**Эмесе, жеке менчик укугу абсолюттук деп эсептелбейт. Ал мыйзам тарабынан бекитилген алкакта чектелиши мүмкүн. Коомдук керектөөнүн түрүн аныктоодо, менчик ээсинин жер участогуна болгон укугун ишке ашыруунун чектерин белгилөөдө жана аны коргоо кепилдигинде менчик ээси менен мамлекеттин (муниципалитеттин) кызыкчылыктарынын балансын так жана туура аныктап алуу зарыл.**

Мамлекет тарабынан жер участогун мажбурлоо жолу менен алуу үчүн негиз катары түрдүү өлкөлөрдүн мыйзамдарында “коомдук керектөө” түшүнүгү ар башка аныкталган. Германияда бул түшүнүк “коомдук зарылчылык”, Швецияда “маанилүү коомдук кызыкчылыктар”, Португалияда жана Түркияда “коомдук кызыкчылыктар”, Италияда “жалпы кызыкчылыктар”, Испанияда “коомдук максатка ылайыктуулук жана социалдык кызыкчылыктар”[1] , АКШда “коомдук-пайдалуу максаттар”[2] , Беларуста “коомдук зарылчылык”[3], Тажикстанда “коомдук керектөөлөр”[4], Украинада “коомдук зарылчылык”[5] деп аныкталган. 1952-жылдын 20-мартындагы Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо тууралуу Конвенциянын №1 протоколуна ылайык, “коомдун кызыкчылыгы” болгон учурда гана мүлк алынат (1-берене).

Көрсөтүлгөн түшүнүктөрдүн негизинде мамлекеттик, же муниципалдык эмес, коомдук кызыкчылык жатат. Көрсөтүлгөн түшүнүктөрдү аралаштыруу жана бөлүп кароо туура болбойт, анткени “мамлекеттик” жана “муниципалдык” керектөөлөр түшүнүгү дайыма эле “коомдук керектөөлөр” түшүнүгү менен дал келише бербейт. Ал эми айрым учурларда жада калса бири-бирине кайчы келиши мүмкүн. Өзгөчө коомдук бийликтин субъектиси өзүнүн кандайдыр бир кызыкчылыктарын көздөгөн учурда. Ошол эле кезде кандайдыр бир учурда көрсөтүлгөн кызыкчылыктар уйкашып калышы да мүмкүн. Коомдук кызыкчылык эреже боюнча калктын кеңири катмары, өлкөнүн көпчүлүк тургундары, же дайыма эле өлкөнүн же муниципалитеттин бардык тургундары үчүн эмес, тиешелүү аймак үчүн пайда алып келет.

Кандай болгодо да, Конституциянын жаңы редакциясына ылайык, жер участогу коомдук керектөө үчүн гана алынат. Мындан улам ушул тапта “коомдук керектөө” түшүнүгүнүн мыйзамдагы аныктамасы өзгөчө актуалдуу болуп турат. Ушул укуктук институттун жардамы менен мамлекеттик/муниципалдык кызыкчылыктар менен жеке менчик ээлеринин кызыкчылыктары ортосундагы жаңжал чечилет. Болбосо жеке менчик укугу абсолюттук мүнөзгө ээ болгон учурда мамлекеттин/муниципалитеттин өзүнүн айрым бир социалдык мааниге ээ функцияларын аткаруусунда аттап өткүс тоскоолдукту жаратмак. Ошол эле учурда бул түшүнүктүн так жана туура аныктамасы мамлекеттин/муниципалитеттин жеке менчикке аралашуусунун укуктук алкактарын чектеп, менчик ээсинин жер участогуна болгон укугун коргоп, тараптардын мамилесин ачык жана туруктуу кылмак. Ушул эле максаттарда жогоруда айтылгандай, мыйзамдын негизинде жер участокторун алуунун так жүйөсүн аныктап алуу өтө маанилүү. Жер участогун алуунун негиздемеси артка кайтарылгыс, жүйөлүү болуп, мыйзамда көрсөтүлүш керек.

Орусиянын мыйзамдары бул маселеде болжолдуу ушул жол менен кеткен. Бир жагынан Орусия Федерациясынын Жер кодексинин 49-беренесинде жер участогун коомдук керектөөлөргө алуу кайсы учурларда мүмкүн болгону көрсөтүлгөн. Мамле-

1. Европа мамлекеттеринин Конституциясы. М., 2001. Т. 1 С. 306, 585, Т.2. С. 111, 767, Т.3. С. 602
2. Галятин М.Ю. АКШ: Жерди колдонуунун укуктук жөнгө салынышы. М., 1991. С.40.
3. Беларус Республикасынын Конституциясы, 44-бер.
4. Тажикстан Республикасынын Конституциясы, 32-бер.
5. Украина Республикасынын Конституциясы, 41-бер.

кеттик же муниципалдык керектөөлөр үчүн жер участогун алуу, анын ичинде сатып алуу жолу менен да, өзгөчө учурларда ишке ашырылат. Алар төмөнкүлөр менен байланыштуу:

- Орусия Федерациясынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруусу;
- мамлекеттик же муниципалдык маанидеги объекттерди жайгаштырууда бул объекттерди жайгаштырууга мүмкүн болгон башка варианттар жок болгондо (федералдык энергетикалык системанын объекттери жана регионалдык маанидеги энергетикалык системанын объекттери; атомдук кубатты колдонуу объекттери;)
- коргонуу жана коопсуздук объекттери;
- федералдык транспорт, байланыш жолдору, маалымат жана кабарлашуу объекттери жана ошондой эле регионалдык маанидеги транспорт, байланыш жолдору, информатика жана кабарлашуу объекттери; космос ишмердүүлүгүн камсыз кылган объекттер;
- Орусия Федерациясынын мамлекеттик чек араларынын макамын жана коргоосун камсыздаган объекттер;
- кадимки монополия субъекттеринин ишмердүүлүгүн камсыздаган федералдык жана регионалдык маанидеги объекттер;
- муниципалдык маанидеги электр, газ, жылуулук жана суу менен камсыздоо объекттери;
- федералдык, регионалдык же жергиликтүү маанидеги муниципалдар аралык унаа жолдору).

Ошол эле учурда башка жагынан алып караганда Орусия Федерациясынын Жер кодексиндеги бул тизме жабык эмес. Көрсөтүлгөн нормага ылайык, жер участогун алуу федералдык мыйзамдарда, же Орусия Федерациясынын субъекттериндеги мыйзамдарда көрсөтүлгөн тиги, же бул учурлардагы кырдаалдарда ишке ашырылат.

Мындай жол коомдук керектөө үчүн жер участогун алууга мыйзамдагы негиздемени так аныктоого да жардам берет. Ошол эле учурда мамлекетке ийкемдүү иш алып барууда белгилүү бир эркиндикти, кайсы бир учурларда коомдук керектөө үчүн жер участогун алууга кошумча жүйөнү берет. Бирок бул ага байланыштуу өзүнчө мыйзам кабыл алуу жолу менен ишке ашат. Мисалы, 2007-жылдын 1-декабрында кабыл алынган "2014-жылы Сочи шаарында XXII Кышкы олимпиадалык оюндарды жана XI Кышкы параолимпиадалык оюндарды өткөрүү, Сочи шаарын тоолуу климаттык курорт катары өнүктүрүү жана Орусия Федерациясынын өзүнчө мыйзам акттарына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Орусия Федерациясынын №310 Федералдык мыйзамы. Орусия Федерациясынын Жер кодексинин мындай учурлар мыйзам тарабынан аныкталышы керек деген талабы жер участокторун алуу үчүн кошумча негиздемени аныктоодо мамлекеттин эркиндигин чектейт жана жеке менчикке болгон укукту сактоодо кандайдыр бир кепилдик берет.

Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алууда өзгөчө учурларды мыйзамда аныктоодо болжолдуу ушундай жол менен Германия[6], Польша, Хорватия, Чехия[7], Украина[8] жана башкалар баратат. Адам укуктары боюнча Европа соту жеке менчиктен жер участогун алуу үчүн негиздемени аныктоодо бийлик органдарынын белгилүү бир эркиндикке ээ болуу укугун тааныды. Анын ичинде "Навьердин Прессос Компаниясы жана башкалар Бельгияга каршы" иши боюнча бул сот кабыл алган чечимде улуттук бийлик маселени кароодо белгилүү бир эркиндикке ээ болгонун тааныган. Сот мындай эркиндикти "коом үчүн пайдалуу" деп тапкан, анткени улуттук бийлик менчиктен ажыратууда коомдун кызыкчылыктарын актаган проблема болгонун биринчилерден болуп аныкташат[9].

Ушундан улам мыйзамда коомдук керектөө үчүн жер участогун алууга негиздемелердин тизмесин так аныктоо өтө маанилүү. Анткени бул нерсе мындай учурлардын кеңири талкууланышын жокко чыгарып, мыйзамдагы нормалардын так аткарылышына жол ачат. Ошол эле учурда бул тизме боюнча мамлекеттин кароосунда белгилүү бир деңгээлде (мыйзам тарабынан чектелген) эркиндикти калтыруу каралган. Бул болсо ошол маселе боюнча чечим кабыл алуунун тартибинин так укуктук регламентациясынын шартында ишке ашат. Бул нерсе мамлекет/муниципалитет тарабынан жеке менчикке болгон укукту өзү билгендей бузуусуна жол бербейт. Ошондой эле мындай учурларда жеке менчикке болгон укукту сактоого кошумча кепилдик берет.

Ошол эле учурда алынып жаткан жер участокторду коммерциялык максатта же башка адамдардын кайсы бир кызыкчылыктары үчүн эмес, коомдук керектөө үчүн гана колдонулушу шарт. Алынган жер участогун башка адамдын жеке менчигине өткөрүп берүү көрүнүшүн коомдук керектөө үчүн жер участогун алуунун бекитилген тартибин бузуу катары караш керек. Анткени мыйзамда жер участогу жеке керектөө эмес, бир гана коомдук керектөө үчүн алынаары каралган. Бул нерсе бардык учурларда колдонулуш керек. Болбосо коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу институту бийликтин колунда жакшы жер участокторун кайра бөлүштүрүүнүн коррупциялык инструментине айланып калат.

6. Герасин С.И. Германиянын мыйзамы боюнча коомдук кызыкчылыктар үчүн жер участогун алуу. Мамлекет жана укук. 2005. №2. 60-62-бет.
7. Жер участогу: жеке менчик, ижара жана Орусия Федерациясында жана чет мамлекеттердеги башка укуктар. В.В.Залесскийдин редакциялоосу астында. М.Ю.Тихомировдун бас. 2006. 184-185-бет.
8. Украина Республикасынын Жер кодекси, .146-бет.
9. Адам укуктары боюнча Европа сотунун 1995-жылдын 20-ноябрындагы чечими, "Навьеранын Прессос Компаниясы (PressosCompaniaNavieraS.A.) жана башкалар Бельгияга каршы". Адам укуктары боюнча Европа соту. Тандалма чечимдер: 2т. "НОРМА" басмаканасы 2000. 154-бет.

Жер участогун алууда коомдук зарылчылык барбы, же жокпу деген маселени чечүүдө ошол алынып жаткан жер участогун андан ары колдонуунун максаттуу багытына таяныш керек. Мында ошол участокту андан ары колдонууда каржылоо булактарынын маалыматына таянбаш керек. Анткени коомдук кызыкчылыктар үчүн участокту колдонуу сырттан алынган каражаттын эсебинен жүргүзүлүшү ыктымал (мисалы, инвесторлордун же донорлордун эсебинен жолдун, же коомдук объекттин курулуш иши).

Ошондой эле жер участогун алууга негиздемени аныктоонун маанилүү шарты катары коомдук максаттарга жетүүнүн башка мүмкүнчүлүктөрү жок болгон учур эсептелет. Ошол эле учурда "башка мүмкүнчүлүктөрдүн бардык варианттары каралып чыгыш керек жана жокко чыгарылыш керек. Булар: объектти башка жерде жайгаштыруу вариантынан тартып, коомдук максаттар үчүн алуу пландаштырылып жаткан жер участогунда коомдук объектти жайгаштырууга уруксат берилбей калышы ыктымал болгон вариантка чейин. Жер участогу бул маселени чечүүнүн башка варианттары болбой калган учурда гана алыныш керек. Башка альтернатива бар болсо жана менчик ээси андан жер участогу алынышына макул болбосо, жер участогу алынбаш керек. Ал гана эмес, эгерде кимдир бирөөдөн жер участогу алынып жатса, анда ал башка альтернативанын жок болгону тууралуу чечим менен макул болбой коюу укугуна ээ. Мындай учурларда алынып жаткан жер участогуна коомдук объектти жайгаштыруунун башка мүмкүнчүлүктөрү бар болгону, же болбогонуна байланыштуу жер участогун алуу тууралуу чечимди текшерүүнүн механизмдерин ойлонуштуруу зарыл. Мисалы, муну кабыл алынган чечимдин жүйөлүү болгонун баалай турган көз карандысыз экспертизанын жардамы менен ишке ашырса болот. Ошол экспертиза жер участогу алынып жаткан менчик ээсинин демилгеси менен да жүргүзүлсө болот.

**Жер участогу бул маселени чечүүнүн башка варианттары болбой калган учурда гана алыныш керек. Башка альтернатива бар болсо жана менчик ээси андан жер участогу алынышына макул болбосо, жер участогу алынбаш керек. Ал гана эмес, эгерде кимдир бирөөдөн жер участогу алынып жатса, анда ал башка альтернативанын жок болгону тууралуу чечим менен макул болбой коюу укугуна ээ.**

Кандай болгон күндө да конкреттүү бир учурда "өзгөчө" делген жүйөнү тастыктоо милдети жер участогун алуу тууралуу чечим кабыл алган ыйгарым укуктуу органдарга жүктөлгөн. Алардын жер участогун алуу тууралуу чечими тиешелүү аймакты өнүктүрүүгө багытталган (башкы планга, жер колдонуу жана курулуш эрежелерине, аймактык пландоо документтерине, башка курулуш документацияларга) нормативдик укуктук актарга ылайык келиш керек. Болбосо жер участогун алуунун негиздемесине карата мыйзамдуу күмөн саноолор пайда болот. Бул жол бийлик органдарын тиешелүү аймакты өнүктүрүүгө багытталган, аларды ишке ашырууда пайда болгон "коомдук керектөө үчүн" дегенди жүйөнү аныктоо жана жер участогун алуу тууралуу чечимди негиздеп берүү максатында нормативдик укуктук актарды иштеп чыгууга жана аларды кабыл алууга түртөт.

Ошол эле учурда көрсөтүлгөн нормативдик укуктук актардын негизинде жер участогун алуу тууралуу чечим кабыл алуунун өзү анын жүйөлүү болгонуна кепилдик бербейт. Анткени башкы план жана башка курулуш документтери жер участогу алынып жаткан менчик ээлеринин укуктарын бузуп жаткан болушу ыктымал. Анын натыйжасында кызыкдар тараптар бул чечимдин тууралыгын бекитилген тартипте талаша алат.

## Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алуу тартиби

Конституциянын 12-беренесине ылайык, менчик ээлеринин өз укуктарын жана аларды коргоонун кепилдиктерин ишке ашыруунун чеги жана тартиби мыйзам менен аныкталат.

Жарандык кодекстин 233-17-беренесине ылайык, коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу (сатып алуу) тартиби Жер кодекси менен аныкталат.

Жер кодексинин 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-бөлүкчөсү боюнча, жер участогун мамлекеттик жана коомдук керектөө үчүн алуу (сатып алуу) тартибин аныктоо өкмөттүн карамагындагы иш. Жер кодексинин бул нормасы Конституциянын 12-беренесине шайкеш келтирилиш керек. Бул беренеге ылайык, менчик ээлеринин өз укуктарынын чеги жана тартиби өкмөт эмес, мыйзам тарабынан аныкталат. Ошондой эле Жарандык кодекстин 233-17-беренеси боюнча коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу тартиби өкмөттүн актында эмес, түздөн түз Жер кодексинде аныкталган.

Белгилей кетчү жагдай, Жер жана Жарандык кодекстеринде коомдук керектөө үчүн жер участогун алуунун жалпы тартиби каралган. Жогорудагы кодекстерде тиешелүү жоболорду бири-бирине шайкеш келтириш керек. Анткени жогорудагы кодекстерде мүлктү мажбурлоо жолу менен алуу тартиби бири-биринен айырмаланат. Мисалы, Жарандык кодекс боюнча, коомдук керектөө үчүн жер участогун алуу үчүн ыйгарым укуктуу органдын чечими талап кылынса (233-17-берене), Жер кодексинде аныкталган максаттар үчүн жер

участогун алуу иши ыйгарым укуктуу орган менен жер участогунун ээси, же жер колдонуучунун ортосундагы келишимдин негизинде жүргүзүлөт (68-берене).

Мындан тышкары мыйзамда жер участогун алуу тууралуу чечим кабыл алуу укугуна ээ болгон ыйгарым укуктуу органдардын чөйрөсүн так аныктап алуу, мындай чечимдерди кабыл алуунун тартибин карoo жана жер участогун алуу тууралуу кабыл алынган чечим боюнча жер участогунун ээсин же жер колдонуучуну алдын ала маалымдоонун мөөнөтүн тактап алуу, алардан жер участогун алуу тууралуу кабыл алынган чечимге жүйө болгон документтер менен таанышып чыгуу укугун, ага чейин жана андан кийин жер участогун алууга болбой турган мөөнөттөрдү (бир гана жер участогу алынып жаткан менчик ээсинин анын жер участогуна болгон укугунун мөөнөтүнөн мурда токтотулушуна макулдугу болгон учурда мындайга уруксат берилет) аныктоо, ыйгарым укуктуу органдардын көрсөтүлгөн максаттар үчүн жер участогу алынып жатканынын жүйөсүн жана коомдук керектөө үчүн зарыл болгонун далилдөө милдетин, ошондой эле талаш пайда болгон учурда коомдук керектөөнү канааттандыруунун башка мүмкүнчүлүктөрү болбогон учурларын аныктап алуу зарыл.

**Калыбына келтирүү – алынып жаткан мүлктүн жана аны алуунун натыйжасында пайда болгон чыгашалардын баасы. Ошол эле учурда мүлктүн жана аны алууда пайда болгон чыгашалардын баасы акыйкат жана алдын ала болуш керек. "Акыйкат" калыбына келтирүү дегенде мүлктүн базар баасы жана мүлктү алуунун натыйжасында келтирилген бардык чыгышылардын ордун толуктоо дегенди, "алдын ала" дегенде мүлктү анын баасын жана пайда болгон бардык чыгашаларды толуктагандан кийин гана алуу дегенди түшүнүш керек.**

Орусия Федерациясынын жана Германиянын мыйзамдарынын мисалында алуу тууралуу чечимдин мамлекеттик каттоонун милдеттүүлүгүн жана анын белгиленген тартипте каттоо мөөнөтүнөн тартып гана күчүнө киришин аныктап коюу сунуш кылынат. Анткени түпкүрүндө мындай чечимдер коомдук керектөө үчүн алуу пландаштырылып жаткан жер участогуна болгон укуктун чектелишине алып келүүдө.

Көрсөтүлгөн мыйзамда жер участогуна болгон түрдүү укуктардын (менчик, колдонуу, ижара) токтотулушуна байланыштуу өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл. Ошондой эле каттоо органдарында укугу бекитилген тартипте катталбаган жер участокторду алууга байланыштуу өзгөчөлүктөр каралышы шарт.

## Жер участогунун баасын жана жер участогун алуунун натыйжасында пайда болгон чыгашаларды ордуна коюу

Жогоруда белгиленгендей, Конституцияга ылайык, коомдук керектөө үчүн мүлктү алуу соттун чечими менен ишке ашырылат жана бул мүлктүн баасы, ошондой эле аны алуунун натыйжасында пайда болгон башка чыгашалар акыйкаттык жана алдын ала камсыздоо менен толукталышы керек.

Бул конституциялык норманын анализи көрсөткөндөй, бул конституциялык нормада жер участогун ыктыярдуу менчик ээсинен алуу жана анын ордун толугу менен калыбына келтирүү принциптери каралган. Калыбына келтирүү – алынып жаткан мүлктүн жана аны алуунун натыйжасында пайда болгон чыгашалардын баасы. Ошол эле учурда мүлктүн жана аны алууда пайда болгон чыгашалардын баасы акыйкат жана алдын ала болуш керек. "Акыйкат" калыбына келтирүү дегенде мүлктүн базар баасы жана мүлктү алуунун натыйжасында келтирилген бардык чыгышылардын ордун толуктоо дегенди, "алдын ала" дегенде мүлктү анын баасын жана пайда болгон бардык чыгашаларды толуктагандан кийин гана алуу дегенди түшүнүш керек.

Мындай жол Жер жана Жарандык кодекстерде каралган. Жер кодексинин 20, 66, жана 68-беренелеринде жана Жарандык кодекстин 233-17 жана 233-18-беренелеринде жер участогун ыктыярдуу алуу принциби каралган. Жер жана Жарандык кодекстерде көрсөтүлгөн беренелерде коомдук керектөө үчүн жер участогун "алуу" жана "сатып алуу" түшүнүктөрү синонимге окшоп үндөш колдонулат. Ошол эле учурда Жарандык кодексте жер участогу мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн жер ээсинен сатып алуу жолу менен (233-17-берене) алынат. Жер кодексинде болсо көрсөтүлгөн максаттар үчүн жер участогун ыктыярдуу алуу каралган эмес.

Мындан тышкары Жер кодексинин 66-беренесинин 4-пунктунда жер участогун мамлекеттик жана коомдук керектөө үчүн алуу жер участогуна болгон укуктун баасын төлөп, чыгашаларды ордуна койгондон (алдын ала толуктоо принциби) кийин ишке ашырылары каралган. Болбосо, жер участогун алуу мыйзамсыз деп таанылa берет.

Жер кодексинин 67-беренесинин 3-пунктуна ылайык, жер участогунун баасын аныктоодо ага жер участогуна болгон укуктун жана анда жайгашкан имарат жана курулуштардын базар баасы, ошондой эле жер участогуна болгон укуктун токтотулушуна байланыштуу анын ээсине же жер колдонуучуга келтирилген чыгашалар камтылган. Мындай чыгашаларга үчүнчү тараптын алдында-

гы милдеттердин мөөнөтүнөн мурда токтотулушу менен байланыштуу болгондору да кирет (толук калыбына келтирүү принциби).

Ошондой эле жогорудагы берененин 4-пунктуна ылайык, жер участогун мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн менчик ээсинен же жер колдонуучудан алуу учурунда ага ошол баага ылайыкталган башка жер участогу берилиши мүмкүн.

Эмесе, КРнын Жер кодексинде жер участогунун жана аны алууда келтирилген чыгашалардын баасын калыбына келтирүү акча түрүндө да, натуралдык формасында да каралган. Ошол эле учурда жер участогунун жана аны алууда келтирилген чыгашалардын баасын калыбына келтирүүнүн негизги формасы акча түрүндө болот. Натуралдык формада калыбына келтирүү жер ээсинин же жерди колдонуучунун буга макулдугу болгон учурда гана ишке ашырылат. Алынып жаткан участоктун ордуна башка участокту берүү тартибин караган мыйзамдагы нормалардын анализи көрсөткөндөй, бул нормалар жогорудагы мамилелерди толук кандуу жөнгө сала албайт. Бул жагынан мыйзам толуктоолорду жана жакшыртууларды талап кылууда. Негизинен мыйзамда "башка" участокту берүүнүн так тартибин, "башка" участокту тандоо жана берүү сунушунун мөөнөтү, сунуштун тартиби жана карап чыгуу мөөнөтү, жер участогунун баасын аныктоо процедурасы жана тараптар ортосундагы башка эсеп-чоттор ж.б. карап чыгуу зарыл. "Башка" участокту берүү алынып жаткан участок кандай укукта ишке ашырылса, ошондой укукта берилиш керек. Бир гана учурда бул ишке ашпайт: эгерде жер участогу алынып жаткан менчик ээси башка жер участогун кандайдыр бир башка укуктарда алууга макул болгондо гана. Бул тартипти Жер кодексинин 29-беренеси менен макулдашып алуу зарыл. Бул беренеде жер участогуна укук берүүнүн жалпы тартиби соодалашуу жолу менен ишке ашырылары каралган жана ал соодалашпастан алынып жаткан участоктун ордуна "башка" участокту берүү мүмкүнчүлүгүн карашы керек.

**КРнын Жер кодексинде жер участогунун жана аны алууда келтирилген чыгашалардын баасын калыбына келтирүү акча түрүндө да, натуралдык формасында да каралган. Ошол эле учурда жер участогунун жана аны алууда келтирилген чыгашалардын баасын калыбына келтирүүнүн негизги формасы акча түрүндө болот. Натуралдык формада калыбына келтирүү жер ээсинин же жерди колдонуучунун буга макулдугу болгон учурда гана ишке ашырылат.**

Коомдук керектөө үчүн жер участогун алууда ортодо пайда болгон негизги көйгөйлөрдүн бири – жер участогунун компенсациясынын/базар баасынын жана жер участогун алууга байланыштуу пайда болгон чыгашалардын акыйкат өлчөмү. Тилекке каршы КР мыйзамында жер участогунун реалдуу базар баасын жана жер участогун алууга байланыштуу пайда болгон чыгашаларды аныктоонун жана объективдүү баалоонун тартиби каралган эмес. Жер кодексинде бул маселеге тиешелүү өз алдынча нормалар гана бар. Негизинен Жер кодексинин 111-беренесинин 2-пунктунда "түрдүү максатка колдонулган жердин турган баасы (нормативдик баасы) төмөнкүлөрдү аныктоо үчүн жүргүзүлөт: жерди колдонуунун эффективдүүлүгүнүн деңгээли, жер салыгынан түшкөн төлөмдөр, мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн жерди алууда чыгашаларды жана жоготууларды калыбына келтирүү" деп айтылган; Жер кодексинин 116-беренесинин 2-пунктунда мамлекеттик жер кадастрынын маалыматтарын "жерлерди колдонууда, калыбына келтирүүдө жана коргоодо, жер участокторун берүүдө жана алууда, жер үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоодо милдеттүү түрдө колдонуу" каралган.

Жер участогунун реалдуу базар баасын жана жер участогун алууга байланыштуу пайда болгон чыгашалардын баасын аныктоодо жана баалоодо так механизмдин (методиканын) жана баалоо ишмердүүлүгүнүн мыйзамда болбогону жер участогунун базар баасын жана жер участогун алууга байланыштуу пайда болгон чыгашаларын туура эмес аныктоого, жаңжалдык кырдаалдын жаралышына, же жер участогу алынып жаткан менчик ээсинин же жер колдонуучунун укугунун бузулушуна алып келиши ыктымал. Буга байланыштуу жер участогунун реалдуу базар баасын жана жер участогун алууга байланыштуу пайда болгон чыгашалардын баасын аныктоо жана баалоодо так механизмдин (методиканын) жана баалоо ишмердүүлүгүнүн тартибин караган тиешелүү мыйзам иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл деп эсептейбиз.

Бул мыйзам баалоону жер участогун алуу туралуу чечим кабыл алган ыйгарым укуктуу орган тарабынан гана эмес, ошондой эле менчик ээси/жер колдонуучу тарабынан да, ал эми бул маселеде субъекттер ортосунда мунаса табылбаса, сот тарабынан да жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн караш керек. Буга жогорудагы мыйзам жана компенсациянын өлчөмүн баалоо боюнча жүргүзүлгөн варианттары негиз болот.


Мында баалоону жүргүзүүнүн "кезегин" кайра карап чыгуу зарыл. Адегенде өзүнүн жоготууларын андан жер участогу алынып жаткан тарап карап чыгыш керек. Анткени ошол гана өз жоготууларынын акыйкат баасын максималдык деңгээлде баалай алат (албетте ал чындыкка коошкон баа берет деге шартта). Анын баасы менен

макул болбогон учурда гана ыйгарым укуктуу орган жер участогунун баасын жана бул жер участогуна укуктуунун чыгашаларына өз баасын берүүгө укуктуу. Соңунда, эгерде бул маселеде тараптар мунасага келе албаса, баалоо сот тарабынан жүргүзүлүш керек. Мындай кезектешүү жер участогу алынып жаткан тараптын кызыкчылыктарын жана укуктарын максималдык деңгээлде коргоого, жыйынтыгында мүлккө болгон укугун токтотуу жана жер участогун алуу өңдүү бул оңой эмес маселеде акыйкат чечим кабыл алууга шарт түзөт.

## Жалпы тыянак

Коомдук керектөө үчүн жер участогун алуунун тартибин жана шарттарын жөнгө салган КР мыйзамы башка өлкөлөрдө иштеп жаткан, жалпы таанылган укук принциптерине негизделет (жер участогун коомдук керектөө үчүн гана алуу, жер участогунун баасын жана аны алууга байланыштуу пайда болгон чыгашаларды калыбына келтирүү, жер участогун алуунун соттук тартиби ж.б.). Ошол эле учурда мыйзам мындан ары да толукталууга мажбур болуп турат. Анын ичинде ушул иликтөөдө көрсөтүлгөн багыттар боюнча да. Бул болсо мамлекеттин жана жеке тараптардын кызыкчылыктарын мүмкүн болгон деңгээлде шайкеш келтирип, мамлекеттин социалдык маанидеги өз функцияларын аткаруусуна шарт түзөт, ошондой эле жер участогу алынып жаткан тараптардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт. Көрсөтүлгөн максаттарда төмөнкүлөр сунушталат:

- Коомдук керектөө үчүн жер участогун алуунун тартибин жана шарттарын караштырган мыйзамды жакшыртуу боюнча иш тобун түзүү. Иш тобунун курамына мамлекеттик органдардын (Юстиция министрлиги, Мамлекеттик каттоо кызматы, Курулуш жана аймактык өнүгүү боюнча мамлекеттик агенттик, Каржы министрлиги ж.б.), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес жамааттын, коомчулуктун, көз карандысыз баалоочулардын уюмдарынын өкүлдөрүн жана башка кызыкдар болгон уюмдарды жана адамдарды киргизүү зарыл.
- Коомдук керектөө үчүн жер участокторун алуунун тартибин жана шарттарын караган мыйзамды жакшыртууга багытталган зарыл болгон мыйзам долбоорлорун бекитилген тартипте иштеп чыгуу.
- Көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлорун бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен талкуулоо, анын ичинде коомдук угууларды өткөрүү жолу менен талкууну камсыздоо.
- Мыйзамдар кабыл алынгандан кийин анын негизги нормаларын жана жоболорун түшүндүрүү боюнча кеңири маалымат өнөктүгүн жүргүзүү.



**Конституцияга ылайык, жер участогу коомдук керектөө үчүн гана алынат. Ушул укуктук институттун жардамы менен мамлекеттик же муниципалдык кызыкчылыктар менен жеке менчик ээлеринин кызыкчылыктары ортосундагы жаңжал чечилет. Болбосо жеке менчик укугу абсолюттук мүнөзгө ээ болгон учурда мамлекеттин же муниципалитеттин өзүнүн айрым бир социалдык мааниге ээ функцияларын аткаруусунда аттап өткүс тоскоолдукту жаратмак. Ошол эле учурда бул түшүнүктүн так жана туура аныктамасы мамлекеттин же муниципалитеттин жеке менчикке аралашуусунун укуктук алкактарын чектеп, менчик ээсинин жер участогуна болгон укугун коргоп, тараптардын мамилесин ачык жана туруктуу кылмак. Ушул эле максаттарда жогоруда айтылгандай, мыйзамдын негизинде жер участокторун алуунун так жүйөсүн аныктап алуу өтө маанилүү. Жер участогун алуунун негиздемеси артка кайтарылгыс, жүйөлүү болуп, мыйзамда көрсөтүлүш керек. Бирок адегенде жер участогун алууну талап кыла ала турган "коомдук керектөө" түшүнүгүн чукул арада аныктап алуу зарыл.**

# "Муниципалдык менчиктин карамагындагы жер тилкелерин менчикке алуу же ижарага берүү укугун ыктыярдуу укук берүүнүн тартиби жана шарттары тууралуу Типтүү жобону бекитүү тууралуу" Өкмөттүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 Токтомуна
# СЕРЕП

**Бекболот Бекиев**

Бул токтом тармактагы лицензиялык-уруксат системасын реформалоонун алкагында иштелип чыкты жана кабыл алынды. Бул токтом менен бир эле учурда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-февралындагы "Калк жайгашкан пункттардагы жер участокторуна менчик же ижара укугун берүү тартибин жөнгө салган жана инвестициялык-курулуш ойлорун ишке ашырган жобону бекитүү тууралуу" №57 токтому күчүн жоготту. Анда калк жайгашкан пункттардагы жер участокторуна менчик же ижара укугун ыктыярдуу эмес берүүнүн тартиби жана шарттары тууралуу Типтүү жобо бекитилген.

КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтомундагы жаңылык төмөнкүчө:

1. Жогорудагы токтомдо муниципалдык менчиктин карамагындагы жер участокторуна менчик же ижара укугун ыктыярдуу эмес берүүнүн тартиби жана шарттары тууралуу Типтүү жобо бекитилди. Жөнгө салынчу предмет такталды – ушунун аналогу болгон буга чейинки Типтүү жободон айырмаланып, эми жаңысы муниципалдык жерлерди гана берүүнүн тартибине жана шарттарына тиешелүү.

2. КР өкмөтүнүн кабыл алынган токтому менен муниципалдык менчиктин карамагындагы жер участокторун менчикке же ижарага берүүнүн жана түзүүнүн так, айкын процедурасы аныкталды. Тагыраак айтканда:

- Жер участогун түзүү мөөнөтү кыскартылды – 25 иш күн, бул иш ушул процедураны оптималдаштыруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жер участогун берүү маселеси боюнча ЖӨБ органдары менен бирге иш алып барган башка ыйгарым укуктуу органдардын ортосундагы документтердин жүгүртүлүүсүнүн азайтылышынын эсебинен ишке ашты. Ошол эле учурда эгерде кызыгууну жараткан жер участогу жайгашкан жердеги долбоордун деталдык пландаштырылуусу буга чейин өрт көзөмөл, санитардык-эпидемиологиялык, экологиялык көзөмөл органдары менен макулдашылса, өзүнчө участокту түзүүдө кошумча макулдашуу талап кылынбайт.
- Жер участогунун планы түрүндө түзүлгөн жер участогунун талаптары жана форматы так аныкталды. Бул болсо курулуш объекттерин долбоорлоо үчүн чыгышталган документ болуп эсептелет. Жер участогунун планында долбоорлоо үчүн зарыл болгон бардык негизги жана кошумча курулуш регламенттери белгиленет, анын ичине айланадагы бак-дарактардын тагдыры боюнча маселени чечүү да кирет. Бул План болгон учурда инвестор курулуш үчүн уруксат документтерин чогултууда жана курулуш жүрө турган жер участогунун аймагынан бак-дарактарды кыюу, же башка жакка отургузууга байланыштуу башка уруксат документтерди алууда АДШны (архитектуралык-долбоорлоо шарттары) албаса болот.
- Жер участогун түзүү учурундагы чыгымдар ыйгарым укуктуу органдын эсебинен, башкача айтканда жергиликтүү бюджеттен ишке ашырылат.
- Бүгүнкү күндө өзгөчө көйгөйлүү деп эсептелген аймактардан – эстеликтерди жана курулуп калган турак жайды коргоо – жер участогун берүү боюнча коомдук угуулардын институту киргизилди. Бул болсо берилип жаткан жер участогуна жана анда пландалып жаткан курулушка байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү милдетин инвестордун мойнуна жүктөбөстөн, алдын ала, жер участогун түзүү баскычында эле чечип коюуга шарт түзөт.
- Түз сатуулардын предмети Жер кодексине шайкеш келтирилди. Тагыраак айтканда эми жер участогун чукул (убактылуу) колдонуу (ижара) боюнча келишимди түзүүгө укук гана түз сатуулардын предмети боло алат. Жер участогуна менчик укугу түз са-

туулардын предметинен чыгарылды.

- Жер участокторун соодалашуу жүргүзбөстөн, түз сатуу жолу менен берүү учурларынын тизмеси өзгөчө учурлар менен толукталды. Алар: жер участокторун кириш топтордун курулушу үчүн берүү, ошол жерде жайгашкан аянтты кеңейтүү максатындагы курулуштар үчүн, арыз берүүчүлөрдүн имараттарынын жанында унаа токтоочу жайларды куруу жана айлананы көрктөндүрүү иши берилип жаткан участок өз алдынча менчик катары түзүлбөйт жана соодалашууда мындай участок үчүн укукту үчүнчү жакка берүү ошол имараттын ээсинин кызыкчылыктарын бузат деген шарт менен берүү. Мында участокту түзүү өзүнчө ыйгарым укуктуу органдардын алдын ала техникалык шарттарын жана бүтүмдөрүн алуу зарылдыгы болбогон учурда жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте 10 иш күнү мөөнөтүндө болот. Белгилей кетчү жагдай, сөз кайрадан эле муниципалдык менчиктин карамагындагы жер участоктору тууралуу болуп жатат жана анын жеке менчик, мамлекеттик же менчиктин башка түрлөрүндө болгон башка жер участокторуна тиешеси жок.
- Сынакты өткөрүү процедурасы такталды. Бул сынак коррупциялык учурларды жокко чыгаруу максатын көздөйт. Ошондой эле сынактын катышуучуларынын же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусунда конкурстук сунуштарды сынак өтө турган күнү (андан эрте эмес) берүү жана ачуу каралган. Комиссия түшкөн сынактык сунуштарды кезеги менен ачат, сынактын катышуучусунун номурун, анын аты-жөнүн же аталышын, сынактын катышуучулары тарабынан сунушталган сынактын негизги шарттарын (анын ичинде жер участогунун баасын же ижара акысынын өлчөмүн) жарыялайт, протоколго ачылган сынактык сунуштардын жыйынтыгын киргизет жана түшкөн сынактык сунуштарды баалай баштайт.
- Сатылгандан кийин же түз сатуу болгондон кийин жер участокторуна болгон укукту каттоо мөөнөтү жана ашыкча документтер кыскартылды. Мында жер участогун берүү тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын токтомун милдеттүү түрдө каттоо жокко чыгарылды. Анткени укукту аныктаган башкы документ бул – соодалашуунун жана түз сатуунун жыйынтыгы тууралуу протоколдун негизинде ага кол коюлгандан кийин 3 иш күнүнүн ичинде түзүлгөн сатуу-сатып алуу, же жер участогун ижарага берүү тууралуу келишим эсептелет.

Жалпысынан жер участогун алуу боюнча бардык процесс айкын болуп, арыз берген учурдан тарта соодалашуу же түз сатуунун жыйынтыгы боюнча келишимге кол койгонго чейинки ар бир процедураны өтүүнүн так мөөнөтү белгиленди. Жер участогун алып жаткан инвестор жерди колдонуунун бардык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу толук маалыматка ээ болот. Анын ичинде курулуш иштери жана инвестициялык-курулуш пландарын ишке ашырууга байланыштуу уруксат документтерин каттоону андан ары тездетүү үчүн инженердик-техникалык түйүндөргө кошулуу тууралуу толук маалымат да бар. Ошол эле учурда жер участогун түзүү баскычында арыз берүүчүлөрдүн байланыш даректери максималдык деңгээлде кыскартылды, муну менен жер участогун алуу баскычында каржы жана коррупциялык тобокелчиликтер азайтылды.



# МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК: 2011-жылдагы Өнүктүрүү саясат институтунун долбоорлоруу

## “Ресурстарга тең укукта ээ болуу Кыргызстандын Чүй облусундагы муниципалитеттериндеги ар түрдүү этносторду башкаруу инструменти катары” долбоору

**Каржылоо:** Ачык коом институту (Будапешт).

**Аткаруучулар:** Өнүктүрүү саясат институту “Социалдык интеграция борбору” коомдук бирикмеси менен биргеликте.

**Максаты:** Муниципалдык жерлерди ачык, акыйкат жана айкын башкаруунун жардамы менен этностор аралык жаңжалды алдын алуу. Түрдүү топтор жана муундар ортосундагы жерге болгон кызыкчылыктарды теңдөө; этникалык жана социалдык топтор ортосундагы экономикалык негиздеги тирешүүлөр деңгээлин азайтуу. Каттоо жана инвентаризация, ошондой эле Чүй облусундагы төрт пилоттук муниципалитеттерде – Жаңы-Пахта айыл өкмөтү (Сокулук району); Ново-Павловка айыл өкмөтү (Сокулук району); Гавриловка айыл өкмөтү (Сокулук району); Петровка айыл өкмөтү (Москва району) – муниципалдык менчиктин андан кийинки катталуусу.

**Жыйынтыгы:** ЖӨБ органдары жаратылыш ресурстарына ачык жетүү принциптерин үйрөнүштү (100дөн ашуун адам катышты); төрт муниципалитетте муниципалдык жерлерди каттоо жана инвентаризациялоо процесси жүргүзүлдү, Муниципалдык жерлерди башкаруу Планы иштелип чыкты; төрт муниципалитетте нормативдик-укуктук акттарды (жергиликтүү көрсөтмөлөр, муниципалдык менчиктеги объекттерге укукту берүү шарттары) кароо жана бекитүү боюнча жергиликтүү кеңештин сессиялары өткөрүлдү; Петровск айылдык аймагында муниципалдык жерлерди каттоо жана инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча коомдук угуулар өттү жана муниципалдык жерлерди башкаруу боюнча долбоордун планы түзүлдү. Муниципалдык жерлерди каттоо жана инвентаризациялоонун жыйынтыгы өзгөчө көңүл буруп кароого татыктуу.

**Петровка айылдык аймагында төмөнкү-дөй жыйынтыктар болду:**

- айылдык аймактын 3 айылы текшерилди (Петровка, Заводское, Кызыл-Туу);
- 142 ээн жаткан муниципалдык жер участогу аныкталды;
- ээн муниципалдык жерлердин жалпы аянты 65,27 гектарды түздү.

| Айылдардын аталышы | Аныкталган ээн участоктор | |
|---|---|---|
| | Участоктордун саны | Гектарлар |
| Петровка | 117 | 44,99 |
| Заводское | 10 | 13,34 |
| Кызыл-Туу | 15 | 6,94 |
| БАРДЫГЫ: | 142 | 65,27 |

**Жаңы-Пахта айыл өкмөтүндө төмөнкүдөй жыйынтык болду:**

- айылдык аймактын 5 айылы текшерилди (Жаңы-Пахта, Мирный, Май, Ак-Кашат, Заря);
- 60 жер участогу табылды;
- кайрадан табылган ээн муниципалдык жерлердин жалпы аянты 57 гектарды түздү.

| Айылдардын аталышы | Аныкталган ээн участоктор | |
|---|---|---|
| | Участоктордун саны | Гектарлар |
| Жаңы-Пахта | 24 | 31 |
| Мирный | 9 | 13 |
| Май | 4 | 1 |
| Ак-Кашат | 13 | 9 |
| Заря | 10 | 3 |
| БАРДЫГЫ: | 60 | 57 |

**Ново-Павловка айылдык аймагында** төмөнкүдөй жыйынтыктар болду:

- айылдык аймактын 2 айылы текшерилди (Ново-Павловка, Учкун);
- 32 жер участогу табылды;
- кайрадан табылган ээн муниципалдык жерлердин жалпы аянты 3,7 гектарды түздү.

| Айылдардын аталышы | Аныкталган ээн участоктор | |
|---|---|---|
| | Участоктордун саны | Гектарлар |
| Ново-Павловка | 22 | 1,6 |
| Учкун | 10 | 2,1 |
| БАРДЫГЫ: | 32 | 3,7 |

**Гавриловка айылдык аймагында** төмөнкүдөй жыйынтыктар болду:

- айылдык аймактын 3 айылы текшерилди (Гавриловка, Романовка, Жыламыш);
- 21 ээн муниципалдык жер участогу табылды;
- ээн муниципалдык жерлердин жалпы аянты 15, 84 гектарды түздү.

| Айылдардын аталышы | Аныкталган ээн участоктор | |
|---|---|---|
| | Участоктордун саны | Гектарлар |
| Гавриловка | 6 | 4,0 |
| Романовка | 12 | 11,0 |
| Жыламыш | 3 | 0,143 |
| БАРДЫГЫ: | 21 | 15,84 |

# "Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен жаңжал потенциалын азайтуу максатында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү" долбоору

**Аткаруучу:** Өнүктүрүү саясат институту.

**Каржылоо:** ЕККУнун Бишкектеги борбору.

**Долбоор** сандык жана сапаттык кулачы боюнча масштабдуу. Долбоордун алгачкы этабында көрсөтүлгөн темалар боюнча окуудан өткөн жана алынган билимди өз муниципалитеттеринде иш жүзүндө колдонууга аракет жасаган 30 пилоттук айылдык муниципалитеттин катышуусу болжолдонгон. Экинчи баскычында ар бир пилоттук аймак "шефтикке алынган" үч аймакта тажрыйбасын жайылтаары каралган: 30 пилоттук аймак устат-ментор катары коңшу үч муниципалитетти окуткан. Натыйжада бул долбоорго катышкан муниципалитеттердин жалпы саны 102 айылдык аймак болду. Долбоордун жүрүшүндө анын катышуучулары – пилоттук жана "шефтикке алынган" айылдык аймактар – бир катар тапшырмаларды аткарды.

**I тапшырма.** Мамлекеттик менчиктен муниципалдыкка өткөрүлгөн объекттердин тизмеси менен иш жүзүндө кабыл алынган объекттердин тизмесинин ортосундагы айырманы аныктоо. Табылган айырманын себебин аныктоо. Бул тапшырманын маңызы боюнча, муниципалитеттер аларга муниципалдык менчикти түзүү учурунда эмне берилгенин, ал эми кайсыларын кандайдыр бир себептер менен жоготуп алганын жана жоготуп алган менчикке карата муниципалитеттин саясаты кандай болоорун түшүнмөк. Бул тапшырманы 15 айылдык аймак аткарды, бул болсо жалпы пилоттук аймактардын 50% түзөт.

**II тапшырма.** Муниципалдык менчик укугунун мамлекеттик каттоосунун абалын баалоо. Тапшырманын өзөгү – муниципалитеттерди муниципалдык менчикти башкаруудагы өтө олуттуу көйгөйгө көңүл бурууга түрткү болуу. Ал: муниципалдык менчик укугун каттоонун төмөнкү деңгээли. Бул көйгөй муниципалдык менчикти экономикалык жүгүртүүгө аралаштыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, жада калса объектти жоготуп алууга чейин алып барууда. Бул тапшырманы 18 айылдык аймак аткарды, бул болсо жалпы пилоттук аймактардын 60% түзөт.

**III тапшырма.** Айылдык аймактардын объекттерин инвентаризациялоо. Максаты – муниципалдык менчикте кандай объекттер болгонун, алардын санын, кайсы жерде жайгашканын жана кандай абалда болгонун так билүү. Көпчүлүк айылдык аймактар ушул убакытка чейин мындай маалыматка ээ эмес. Өзгөчө бул кароосуз калган имараттар жана курулуштарга, анын ичинде турак жайларга, жер участогу менен бирге курулуп бүтпөй калган объекттерге, ээн жаткан жер участокторуна тиешелүү. Бул тапшырманы беш гана муниципалитет аткарды. Алар: Ош облусундагы Көк-Жар, Зулпуев, Дөң-Булак, Мырза-Аке айылдык аймактары жана жалал-Абаддагы Сакалды айылдык аймагы.

**IV тапшырма.** Муниципалдык менчиктеги объекттердин реестрин даярдоо жана аны муниципалитет тургундарынын колдонуусун камсыздоо. Бул тапшырманын үстүртөдөн алынган мааниси – мүлктүн толук сүрөттөлүшүн камсыздоо. Бирок анын түпкүрүндө муниципалдык менчик тууралуу маалыматты айкын жана жарандарга жеткиликтүү кылуу максаты жатат. Бул өтө туура, анткени муниципалдык менчикке айыл аймагынын бардык тургундары укуктуу жана ушундан улам ар бир адам муниципалдык менчик тууралуу бардык маалыматка ээ болуу укугуна ээ. Айылдык муниципалитеттер ачыктыкты көрсөтүштү: 23 аймак, же болбосо пилоттордун 76% реестрди даярдады жана аны жарандар жеңил ала тургандай кылышты. Ошол эле учурда 17 муниципалитет реестрди кайрадан даярдаса, 4 айылдык аймак реестрдин эски формасын берсе, экөө жөн гана объекттер боюнча маалыматты топтоду.

**V тапшырма.** Айылдык аймактын муниципалдык менчигиндеги объекттердин классификациясын даярдоо, анын кеңеш тарабынан бекитилиши. Тапшырманын максаты – объекттерди милдеттүүлүк деңгээли боюнча топтоштуруу – милдеттүү, кошумча жана ашыкча. Бул кийин ар бир топко карата саясатты аныктоо үчүн зарыл болгон иш; милдеттүү объекттер багыты боюнча гана колдонулушу керек жана жакшы абалда болушу шарт, алардын баасынын төмөндөшүнө жол берилбеш керек; кошумча объекттер жамааттын артыкчылыктарына ылайык колдонулуш керек; ал эми ашыкча объекттер ачык-айкын сатылып, же ижарага берилиш керек. Жергиликтүү бюджетке кошумча киреше алуу үчүн бул иш сынактын негизинде жүргүзүлүш керек. Ушул тапшырманы 17 аймак аткарды, бул болсо пилоттордун жалпы санынын 60% түзөт.

**VI тапшырма.** Муниципалдык менчиктеги объекттерге укукту берүүнүн принциптерин жана тартибин аныктаган жергиликтүү нормативдик укуктук акттарды иштеп чыгуу. Бул ошондой эле ресурстарды айкын жана акыйкат башкаруунун өзөктүү бөлүгүн түзөт. Анткени ар бир адамга түшүнүктүү жана ачык эрежелер болгон учурда гана аларды акыйкат колдонууга жетишүү мүмкүн болот. Бул тапшырманы 50% ашуун айылдык аймак аткарды.

# МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК: 2012-жылдагы Өнүктүрүү саясат институтунун долбоорлоруу

Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюму (Бишкектеги борбору) долбоорду 2012-жылы да каржылай берүү тууралуу чечим кабыл алды. Бул чечим көптөгөн айылдык муниципалитеттер жаңжал потенциалын азайтуу үчүн ресурстарды башкарууну жакшыртуу багытында алгачкы гана кадамдарды жасай баштаганы менен байланыштуу. Негизинен муниципалдык башкарууну жакшыртууга киришүү менен муниципалитеттер алар болочокто дагы көп ишти жасай турганын түшүндү жана мындай учурда донордук колдоонун улантылышы өтө баалуу жана өзүн өзү актайт. Мисалы, объекттерди башкарууну салыштырмалуу ирээтке келтирүү менен айылдык аймактар жерлерди башкаруу ишине кирише элек. Ал эми бул иштин алкагында иш-чаралардын бардык комплексин өткөрүү талап кылынат: инвентаризациядан баштап, каттоо жана жерди сатуу же ижарага берүү аркылуу экономикалык жүгүртүүгө аралаштырууга чейинки жол. "Сорос – Кыргызстан" фонду ушул өңдүү долбоорду Чүй облусунун беш айылдык аймагында колдоду. Ошону менен бирге Өнүктүрүү саясат институтунун эки долбоору Кыргыз Республикасынын төрт облусундагы 35 айылдык аймакка муниципалдык менчикти башкарууда жардам берет.

## Чүй облусундагы иштер

Мамлекеттик каттоонун айрым ички нормативдик акттарын жакшыртуу жана турумду өзгөртүү болбосо, жер ресурстарын акыйкат жана айкын башкаруунун андан аркы өнүгүүсү жана алга жылуусу мүмкүн болбой калат. Буга байланыштуу Өнүктүрүү саясат институту муниципалдык жерге байланыштуу бардык иштердин биринчи баскычы ачык талкуулоо жана мамлекеттик структураларды (Мамлекеттик каттоо, Архитектура, райондук администрациялар) максималдык деңгээлде кошуу менен жумушчу топту түзүү болуш керек деген ишенимде турат. Башкача айтканда эгерде буга чейин долбоорду ишке ашыруу ыкмасы "төмөндөн жогору карай" башталып келсе, эми бул долбоордо "жогору жактан төмөнгө карай" жаңы ыкмасы сыналат. Бул ыкмага ылайык, мамлекеттик структуралар долбоорго өздөрү тартылып, анын жыйынтыгына кызыкдар болмокчу.

Бул жумушчу топтун иши жана ачык талкуулоо "Сорос-Кыргызстан" фондунун долбоорун ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлөт деп пландалып жатат. Бул долбоордун жыйынтыгында ДКРПНИнин (Мамлекеттик каттоо) жергиликтүү каттоо органдарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен иштешүү жана муниципалдык менчикти каттоонун ар бир кадамы боюнча көрсөтмө берилет.

## Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы иштер

ДКРПНИ менен кызматташуу натыйжаларын эске алуу менен ӨСИ КРнын түштүгүндөгү 30 сынамык АА менен иштөөнү улантат. Планда:

- 30 пилоттук айылдык аймактын территориясында орун алган муниципалдык объекттерди (куруулуштар жана имараттар) каттоо жана инвентаризациялоо иштерин бүтүрүү.
- 30 пилоттук айылдык аймактын территориясындагы муниципалдык жерлерди каттоо жана инвентаризациялоо иштерин улантуу.
- ЖӨБ органдарына ДКРПНИнин (Мамлекеттик каттоо) жергиликтүү каттоо органдарында муниципалдык менчиктеги объекттерге укукту каттоого көмөктөшүү.
- Бери дегенде 5 айылдык аймакта муниципалдык жерлерди каттоонун жана инвентаризациялоонун жыйынтыктарын калк менен коомдук угууларда (жергиликтүү кеңештердин ачык сессияларында) талкуулоо.
- Бери дегенде 3 айылдык аймакта муниципалдык менчиктеги объекттерге укукту (менчик укугун сатуу жана ижарага берүү) сынактын негизинде берүү боюнча пилоттук иш-чараларды өткөрүү (сатуулардын көлөмүн көбөйтүү максатын көздөбөстөн, аларды көрсөтмө иш-чара катары гана уюштуруу).
- Аймагы жана калкынын саны боюнча ири айылдык муниципалитеттерде ресурстарга жана жергиликтүү экономикалык өнүктүрүүгө жетүүдө тең укуктуулук болуш максатында муниципалдык менчикти башкаруу боюнча стратегияны иштеп чыгууда кеп-кеңеш берүү менен жардам көрсөтүү. Мындай айылдык муниципалитеттерде жетекчилердин саясий эрки жана техникалык потенциалы жетиштүү болуш керек. Стратегияны коомдук угууларда талкуулоо.
- Алынган тажрыйбаны жалпылаштыруу жана таратуу. Аны өкмөттүн жана мамлекеттик башкаруунун башка жоопту органдарынын дарегине сунуш түрүндө даярдоо.

**Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча долбоорлорду ишке ашырууга байланыштуу бардык суроолор менен Өнүктүрүү саясат институтунун адистери Мээркан Карбозова жана Жылдыз Керимовага кайрылыңыздар: (0312) 97-01-05 (06, 07).**

# Муниципалдык менчик укугу боюнча юристтер кеңеш берет



Суроолорду муниципалитеттердин тургундары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери беришкен

Жооптор Өнүктүрүү саясат институтунун юристтери **Асель Мамбетова** жана **Нурдин Кумушбеков** тарабынан берилди




### Жолдор тууралуу

**Кайсы бир айылдык аймактын курамына кирген элет тургундарынын суроосу**

**- Биз көп жылдан бери биздин айылдарды бириктирип турган жолдун өтө начар абалынан кыйналып келатабыз. Бул бардык тургундар үчүн чоң көйгөй. ЖӨБ органдары бизге жардам бере албайт. Кимге кайрылабыз? Айылдар арасындагы жолдун абалы үчүн ким жооптуу?**

- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 18-беренесине ылайык, калк отурукташкан аймактардагы муниципалдык жолдун жана муниципалдык транспорттун ишин камсыздоо жана калк жайгашкан пункттардын чек арасындагы коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы жергиликтүү маанидеги маселелерге кирет. Кыргыз Республикасынын "Унаа жолдору тууралуу" мыйзамында унаа жолдорунун классификациясы каралган. Ал боюнча шаар сыртындагы унаа жолдору жалпы колдонуудагы унаа жолдоруна кирет. Ушул мыйзамдын 16 жана 32-беренелери боюнча Транспорт жана коммуникация министрлигинин жол органдарынын карамагына жалпы колдонуудагы унаа жолдору кирет. Мына ошолор унаа жолдорун ондоп-түзөөгө, тиешелүү стандарттар жана нормативдерге жана элдик чарбачылык жана калктын жүк ташуусуна ылайык кармап турууга, алардын абалын көзөмөлдөөгө, рационалдык өнүгүүсүн камсыздоого, бул үчүн бөлүнгөн каржы ресурстарын максаттуу пайдаланууга милдеттүү. Ушундан улам ЖӨБ органдары айылдар ортосундагы жолдордун абалы үчүн жооп бербейт. Бул маселе боюнча жоопкерчилик Транспорт жана коммуникация министрлигине жүктөлгөн.



## Жергиликтүү маанидеги маселелер тууралуу

**Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын суроосу**

**- Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү маанидеги 22 иштин ичинен эң эле артыкчылыктуу болгондорун тандап, калгандарынан баш тарта алабы?**

- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 18-беренесинин 1-пунктуна ылайык, аймактын турмуш шартын камсыздоо системасын өнүктүрүү жана ишин камсыздоо, социалдык-экономикалык пландоо жана калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкү маселелер киргизилген: жана 22 маселе аныкталган. Ушул берененин 2-пунктунда айтылгандай, ушул мыйзамдын 18-беренесинин 1-пунктунда саналган ыйгарым укуктар соңку эмес жана жергиликтүү жамааттарга жана алардын органдарына өз ыйгарым укуктарын аткарууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ыйгарым укуктарды ишке ашырууга уруксат берет. Мындан тышкары ушул мыйзамдын жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо жана чечүү тартибин жөнгө салган 17-беренесинин 1-бөлүгүндө айтылгандай, жергиликтүү маанидеги маселелер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамы жана жергиликтүү жамааттын уставы менен аныкталат, өзгөртүлөт жана токтотулат.

Ушундан улам Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө саналган бардык 22 маселе – милдеттүү деп табылган жана ЖӨБО алардын кайсы бирин чечүүдөн баш тарта албайт.

## Мечит тууралуу

**Айыл мечитинин ажысынын суроосу**

**- 2001-жылы жергиликтүү кеңештин чечими менен бала бакчанын имараты мечитке берилди, андан соң жеке менчикке айландырылды. 2011-жылы райондун прокурору бул объектти жеке менчикке мыйзамсыз айландыруу боюнча кылмыш ишин козгоду. Жакында бул имаратты муниципалдык менчикке кайтаруу боюнча сот болот. Эгерде сот муниципалитеттин пайдасына чечим чыгарса, мечиттин тагдыры эмне болот?**

- Кыргыз Республикасынын "Өз алдынча башкаруу тууралуу" (1-берене), "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржы-экономикалык негиздери тууралуу" (1-берене) жана "Мүлккө болгон муниципалдык менчик тууралуу" (1-берене) мыйзамдарына ылайык, муниципалдык менчик – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигиндеги, колдонуусундагы жана карамагындагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн пайда



алып келүүчү булак катары кызмат кылган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз функцияларын ишке ашырууга зарыл болгон жергиликтүү жамааттардын менчиги.

Эгерде соттун чечими менен бала бакчанын имараты муниципалдык менчикке кайтарылса, анда Кыргыз Республикасынын "Мүлккө болгон муниципалдык менчик тууралуу" мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн бул объектке өзү каалагандай ээлик кылат, аны колдонот жана башкарат (2-берененин 2-пункту). Ошол эле учурда белгилей кетүү зарыл, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында дин жана бардык культтар мамлекеттен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 18-беренесине ылайык, мечитти уюштуруу үчүн аны имарат же башка объекттер менен камсыздоо функциясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдетине кирбейт. Чечим кабыл алууда сот төмөнкү жагдайды эске алыш керек болот: бала бакчанын имараты мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте алынды беле? Ал эми ал тартип боюнча, муниципалдык менчиктеги объект айылдык кеңештин чечими менен бекитилген бул айылдык аймактын муниципалдык менчигин менчиктештирүү программасына алдын ала киргизилиш керек болчу. (Кыргыз Республикасынын "Мүлккө болгон муниципалдык менчик тууралуу" мыйзамынын 13-беренеси). Дал ушул жергиликтүү кеңеш аталган айылдык аймактагы жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарынын өкүлү болот жана жергиликтүү жамааттын менчиги деп эсептелген муниципалдык менчиктин юридикалык тагдырын чечет.

## Суу жана ҮДТ тууралуу

**ҮДТ жетекчисинин суроосу**

**- 1990-жылдан бери биз дарыкана жана лаборатория ачсакпы деп жүрөбүз. Бирок**

**бул максатыбыз суунун жоктугунан улам ишке ашпай келет. ЖӨБ органдарына кайрылуубуздан майнап чыкпай жатат. Ошол эле кезде бизде 5000ден ашуун адамдан турган калкты тейлөө үчүн транспорт, Тез жардам чакыруу үчүн телефон да жок. Биз эмне кылышыбыз керек?**

- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 10-беренесинин 8-пунктуна ылайык, мамлекеттик стандарттар боюнча саламаттыкты сактоону камсыздоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эмес, мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укугуна кирет. Аталган мыйзамдын 18-беренесинин 4-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы жергиликтүү маанидеги маселелерге калкты таза суу менен камсыздоо гана кирет. Ал эми бул окуяда, түшүнгөнүбүзгө караганда, сөз таза суу тууралуу эмес, медициналык лабораториянын техникалык керектөөлөрүн камсыздоо үчүн зарыл болгон суу тууралуу болуп жатат. Медициналык пункттун ишин транспорт жана телефон байланышы менен камсыздоо саламаттыкты сактоонун бир бөлүгү деп эсептелет жана ал да мамлекеттин функциясына кирет.

Ушундан улам медициналык лабораториянын техникалык керектөөлөрү үчүн суу, медициналык пункттун ишин транспорт жана телефон байланышы менен камсыздоо ЖӨБ органдарынын эмес, мамлекеттик бийлик органдарынын милдети деп эсептелет.

## Райфинбөлүмүнүн кийлигишүүсү тууралуу

**ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин суроосу**

**- Биз өз абалыбыздын эки анжы болгонуна наразыбыз: эгерде мыйзам тарабынан ЖӨБ органдарына саясий/каржылык/административдик автономия берилсе, анда эмне үчүн ушул убакытка чейин ЖӨБО дайыма өз шарттарын коюп жаткан мамлекеттик органдардан, анын ичинде райондук каржы бөлүмүнөн көз каранды болуп келет?**

- Ушул тапта мамлекеттик башкарууну борбордон алыстатуу тармагындагы реформалардын жана ЖӨБдагы реформалардын (ЖӨБОнун бюджеттик маселелерде өз алдынчалуулугун жогорулатуу, коррупциянын деңгээлин азайтуу, ЖӨБОнун Каржы министрлиги жана анын аймактык органдары менен кызматташуусун жакшыртуу) алкагында өкмөт жарыялаган принциптерге ылайык, мамлекеттик бюджетти түзүүдө эки тепкичтүү системага өтүүгө байланыштуу бюджеттер аралык мамилелердин жаңы форматына өтүү процесси жүрүп жатат. Жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө байланыштуу маселелерге тиешелүү нормативдик база



жакынкы убакыттарда бюджеттер аралык мамилелердин айтылган схемасына ылайык келтирилет. Азырынча каржылык жактан борбордон алыстатуу процесси аяктай элек, мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары жана ыйгарым укуктары толук кандуу бөлүштүрүлө элек. Ошол эле учурда белгилей кетүү зарыл, мыйзам тарабынан алардын кызматташуусу жөнгө салынган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамынын 3-беренесинде айтылгандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерге негизделген: мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажырымдоо; өз карамагындагы маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештердин көз карандысыздыгы. Ушул мыйзамдын 10-беренеси мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарына төмөнкүлөрдү киргизет: республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы мамилени жөнгө салуу, минималдык бюджеттик камсыздоодогу нормативдердин негизинде жергиликтүү бюджеттердин тең салмактуулугун камсыздоо; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык жактан өз алдынчалуулугуна мамлекеттик кепилдикти камсыздоо жана башкалар. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык-экономикалык негиздери тууралуу" мыйзамынын 13-беренесинде жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу тартиби жөнгө салынган. Ага ылайык, Каржы министрлиги айыл өкмөтүнө жана алардын каржы органдарына бюджетти, календардык планды, киреше жана чыгашалар боюнча максаттык көрсөткүчтөрдү түзүү боюнча көрсөтмөлөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан бөлүнө турган болжолдуу нормативдер жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн категориалдык жана теңдөөчү гранттардын болжолдуу өлчөмү тууралуу маалымат берет. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын чегин аныктаган башка мыйзамдык акттар да бар. Каржы министрлигинин райондук каржы бөлүмдөрү (башка мамлекеттик органдар өңдүү эле) мыйзамдын талаптарын бекем аткарыш керек жана анын алкагынан чыкпаш керек.



# ЖӨБ КАДРДЫК ДАРАМЕТИ: жоготуулар жана мүмкүнчүлүктөр. Эксперттердин жана жарандардын көз карашы

Кадрлар – бул балким жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын административдик дараметинин эң өзөктүү бөлүгүн түзөт. Аларды күчтөндүрмөйүн административдик жана саясий автономияга жетүү мүмкүн эмес. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери бийлик өкүлдөрүнүн корпусунун ичинен калкка эң жакын турганы деп эсептелет. Алар жарандардын көйгөйлөрүнүн жана кайрылууларынын негизги агымын өзүнө кабыл алып, жергиликтүү маанидеги өтө көп маселелерди чечишет. Бул маселелерден Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо шартынын сапаты көз каранды.

Андыктан кадрлардын дараметине объективдүү баа берип, аларды күчтөндүрүү жана өнүктүрүүнүн башкы багытын аныктоо – изилдөөчүлөрдүн алдында турган эң маанилүү маселе. 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча, муниципалдык кызматкерлердин жалпы саны 9 974 адамды түзгөн[1]. Ошол эле учурда мамлекеттик кызматкерлердин саны 38 494 адам болгон, башкача айтканда үч эседен көп десе болот. Кыргыз Республикасындагы учурдагы эмгекти баалоо жана каттоо системасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин эффективдүүлүгүн салыштыруу болбогон иш. Ошентсе да жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын адамдык ресурстары мамлекеттик башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнүн алдында олуттуу деңгээлде чабалдыгын көрсөтүп жатат.

Ошол эле учурда бийликтин башка бутактарына салыштырмалуу ЖӨБ системасынын өкүлдөрүнүн маянасы жана жашоо деңгээли өзгөчө элеттик муниципалитеттерде эң төмөнкүлөрдөн бойдон кала берүүдө. Элеттик ЖӨБнун жетекчисинин айлык акысынын минималдык базалык көрсөткүчү айына 7000 сомду, жооптуу катчыныкы 7000 сомду, финансистики 2100 сомду, адистики 2100 сомду түзөт. Салыштыра келсек, мисалы мамлекеттик райондук администрациянын кызматкерлеринин базалык көрсөткүчү айына 3000 сомду түзөт. Бул фактор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын толуктоо маселесинде өзөктүү мааниге ээ[2].

## Муниципалдык кызмат мамлекеттик кызмат менен атаандаша албайт

**Муниципалдык кызматты аныктоо мамлекеттик кызматты аныктоо менен бирге пайда болгон. Адегенде эки кызмат тең биринен экинчисине өтүүдө шайкеш болот, башкача айтканда стаж үзгүлтүккө учурабайт, бардык чиндер жана кызматтык өсүш мүмкүнчүлүктөр сакталат деп пландаштырылган. Бирок убакыттын өтүшү менен мыйзамдагы өзгөрүүлөрдүн натыйжасында муниципалдык кызмат мамлекеттикке салыштырмалуу “экинчи сорт” деген мүнөздө болуп калды. Бул болсо адамдардын басымдуу бөлүгүнүн көз алдында муниципалдык кызматтын баркын кетирип койду.**




**Төлөбек Омуралиев,**
Жергиликтүү өз алдынча башкару иштери жана аймакты өнүктүрүү боюнча мурдагы министри

[1] КР президентинин алдындагы Башкаруу академиясы муниципалдык кызматкерлердин саны боюнча башка маалыматты берет – 18 миң адам, жергиликтүү кеңештердин депутаттары – 8 103 адам.

[2] ЖӨБ жана ЖМА кызматкерлери чындыгында көбүрөөк сумма алышат, себеби айлык акы эсептелгенде көбөйтүү коэффиценти колдонулат.

**1-сүрөт. КРнын айрым облустарынын ЖӨБ органдарындагы кадрлар менен толукталуусу[1]**





ЖӨБ органдары иш берүүчү катары жергиликтүү мамлекеттик администрация менен атаандаша албайт. Натыйжада квалификациясы жогору болгон муниципалдык кызматкерлер мамлекеттик кызматтарга кетип жатат. Калыптанып калган салттардын негизинде райондук мамлекеттик администрация ЖӨБ органдарын кол алдындагы структура катары карайт. Ошондон улам ЖӨБнун кызматкерлери ЖМАга өтүүнү кызматтан жогорулоо катары кабыл алышат жана ушуга умтулушат. Муниципалдык кызматкерлердин аз саны гана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз алдынча табиятын түшүнө алат жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын кысымына туруштук берип келет. Ал эми муниципалдык кызматты өзүнүн узак мөөнөттүү карьералык жолу катары карагандардын саны андан да аз (жетекчилерден башкасы, анткени алар үчүн бийликтин белгилүү бир көлөмү мотивация болуп берет).

Мындан тышкары "кадрлардын чаң соргучу" ролун эки баш калаа тең аткарууда. Карьерасын ойлогон ийгиликтүү, билимдүү адистер өзүн ири шаарлардагы мамлекеттик кызматта көрсөтүү үчүн элеттик муниципалитеттерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы ишин таштап кетүүдө. Сурамжылоого катышкандардын 26 пайызы Бишкекте министрликте иштегенди каалайт (2-сүрөттү караңыз).

Адамдардын көбү – 29 пайызга жакыны – такыр эле башкаруу органдарында иштегиси келбейт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштегиси келгендердин эң аз саны Ысык-Көл облусунда (7%), эң көп Нарын облусунда (25%). Жалпысынан өлкө боюнча жарандрдын 16 пайызы гана ЖӨБ органдарында иштөөгө даяр.

В целом же по стране только 16 процентов граждан готовы работать в органах местного самоуправления.

**2-сүрөт. Башкаруу органдарында иштөө боюнча каалоолор, %**




Жергиликтүү өз алдынча башкарууда жооптуу кызматта иштөөгө кызыккандардын саны боюнча эң төмөнкү көрсөткүч жашы өтүп бараткандар арасында байкалат. Муну негизинен төмөнкү менен түшүндүрүүгө болот: профессионалдык жана турмуштук тажрыйбага ээ болуу менен, адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде өзүн өзү көтөрүү мүмкүнчүлүгүнө азыраак ишене башташат. Ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкарууда жооптуу кызматтарда иштөөгө эмне түрткү болот эле деген суроого 20 жаштан 70 жашка чейин-

## Кадрлар - эң көйгөйлүү маселе


Эң көйгөйлүү маселе – бул кадрлар. Өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде кадрлар токтобойт. Айлык төмөн, акыркы жолу башчы жана жооптуу катчынын маянасы гана жогорулатылды. Ал эми иштин көбүн аткарган төмөнкү даражадагы кызматкерлердин маянасы эки-үч миң сомдун деңгээлинде эле кала берди. Айыл өкмөтүндөгү ишинде кала берген кызматкерлердин көбүн аялдар түзөт, анткени алар үйгө, үй-бүлөгө, чарбасына "байланып" калышат жана кайсы жерге турмушка чыкса, ошол жерде жашап калышат. Алар эч жакка кете албайт жана бул маянаны кирешесинин, мисалы уйдан түшкөн кирешенин кошумча булагы катары карап, ушул жүктү тарта беришет. Бир жолу жергиликтүү салык инспектору мага "ушул кызматта алган акчама караганда, эки уй сатып алып, анын сүтүн сатуудан түшкөн пайдага жакшыраак жашайм", - деп айтты.

**Айылдык аймактын башчысы**

[1] Жер, суу, кадрлар, бюджет: ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана муктаждыктары. Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарынын ЖӨБ органдарынын иш-аракеттеринин айрым чөйрөлөрүндө техникалык колдоо муктаждыгын жана абалын комплекстүү баалоо. Өнүктүрүү саясат институту, ЕККУ Бишкектеги борборунун буйрутмасы боюнча, 2011.

килер "өз жамаатыма пайда алып келүүнү каалайм" десе, 71 жаштан жогорку топтогулар ал жердеги иштин туруктуулугуна кызыгышаарын айтышкан.

**3-сүрөт. ЖӨБдун жооптуу кызматтарында иштөөнү каалагандар, %**





Кадрлардын кетип жатканына карата изилдөөлөр көрсөткөндөй, муниципалитеттердин жарымынан көбүндө кадрлар 2 – 5 жылда бир жолу алмашып турат, бирок сурамжылоого катышкандардын 34% кадрлар 1 жылда бир жолу алмашаарын айтышкан. Көбүнчө айыл өкмөттөрүндөгү иштен жер түзүүчүлөр, салык инспекторлору, бухгалтерлер/экономисттер кетет. Жетекчилер да айыл башчылары ичинде кадрлар токтобой жатканын айтышат. Анткени алардын эмгеги көп жакшы төлөнбөйт, ал эми иштин көлөмү дайыма өсүп турат[3].

Жарандар ЖӨБ органдарындагы кадрлардын даярдык деңгээлин орточо деп баалашкан (4-сүрөттү караңыз). Ошентсе да ЖӨБ органдарынын башчылары кызматкерлердин ушул корпусу менен иштешүүгө көнүп калганын да эсепке алыш керек. Алар өздөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзгөрүп жаткан функцияларына жана миссиясына жетишпей калышууда, андыктан кызматкерлердин деңгээлин өзүнүкү менен салыштырышат.

Даярдыктын жалпы деңгээлин так баалоо үчүн масштабдуу тестирлөө же объективдүү көрсөткүчтөргө негизделген башка изилдөөлөрдү жүргүзүш керек. Мындан тышкары фокус-топтор көрсөткөндөй, ЖӨБ кызматкерлери адатта өздөрү жалпы деңгээлди "орточо" деп баалашат, бирок конкреттүү бир адистер жөнүндө сөз болгондо алар даярдык деңгээлин "төмөн" деп баалашат.

**4-сүрөт. Мэриянын же айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин квалификация деңгээлинин жарандар тарабынан бааланышы, %**




Жетекчилердин да, муниципалдык кызматкерлердин да курамындагы көп сапаттар кызмат орунга талапкерлерге мыйзам тарабынан айтылган талаптардан көз каранды. Мэрлер жана айыл өкмөт башчыларына карата Мыйзам төмөнкү талаптарды койгон: жогорку билим жана мамлекеттик же муниципалдык кызматта иш стажы, же мамлекеттик билим берүү же саламаттыкты сактоо мекемелеринде иш стажы бери дегенде 5 жыл болуш керек (айыл өкмөт башчысы үчүн – бери дегенде үч жыл).

Башка кызматкерлерге карата муниципалдык кызмат тууралу мыйзам тиешелүү критерийлерди орноткон, анын ичинде белгилүү бир кызмат үчүн жогорку билимдин болушу шарт. Ошол эле учурда кайсы бир убакыт бою жогорку билим муниципалитеттин башчысын аныктоодо башкы талап болбош керек деген талаш-тартыштар да болгон.

Ошентсе да жарандар ЖӨБ жетекчиси биринчи кезекте жогорку билимдүү болуш керек, экинчи кезекте чынчыл, үүнчүдөн, акыйкат жана башчы катары тажрыйбага ээ болуш керек деп эсептешет (5-сүрөттү караңыз).

**5-сүрөт. ЖӨБ башчысы кандай сапаттарга ээ болуусу керек экендиги тууралуу жарандардын пикирлери, %**




# Кадрдык ачкачылык

**ЖӨБга көбүнчө төмөнкү адистер жетишпей жатат: юрист, финансист, социалдык кызматкер, агроном, компьютер боюнча адис. Айрым аймактарда мал догдурлар жок. Айыл өкмөтүнүн Өкмөт тарабынан бекитилген штаттык жадыбалы айылдык башкарууда штаттык адистердин санын чектейт, бирок конкреттүү адистерди тандоодо кандайдыр бир эркиндикти берет. Башкача айтканда, кайсы адисти алуу керек – юристтиби, же мал догдурдубу – муну айыл өкмөтү өзү чечет. Андыктан юристтин жок болгону тууралуу арыздануулар көп деле жүйөлүү эмес. Ошентсе да юристтердин жана башка адистердин квалификациясына карата даттануулар толугу менен негиздүү. Чындыгында эле квалификациясы жогору болгон адисти маянасынын базалык көлөмү айына 2100 сомду түзгөн ишке тартуу кыйын.**

**Фокус-топтун катышуучулары**

[3] Ошол эле жакта.

Ушул тапта компьютерлер ар бир ЖӨБ органында бар. Жок дегенде эки компьютерге ээ болбогон бир дагы айылдык аймак жок. Адатта компьютерди финансисттер жана жооптуу катчылар колдонот. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары компьютерди чанда колдонот. Фокус-топтун дээрлик бардык катышуучулары башчылар компьютерде иштөө жөндөмүн жакшыртышы керектигин, техникалык потенциалын жогорулатышы зарыл экендигин белгилешти. Компьютердик жөндөмдү иш жүзүндө алуу жакшы. Анткени көпчүлүк айылдык аймактарда компьютер боюнча адистер жокко эсе. Адатта бул ишти кайсы бир жооптуу кызматкердин жаш туугандары аткарат жана алар муну кээде гана жасайт, бул үчүн айлык акы албайт. Натыйжада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары компьютердик техниканын мүмкүнчүлүктөрүн толук көлөмдө колдоно албай келишет.

Интернетке байланыштуу. Ушул тапта мобилдик байланыш болгон бардык жерде интернетти токсуз колдонууга техникалык тоскоолдуктар жок. Ал эми мобилдик байланыш Кыргыз Республикасынын аймагынын 95 пайызын камтыган. Ошону менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары интернетке тоскоолдуксуз кире алат. Бирок бул дайыма эле мүмкүн эмес. Анткени компьютердик сабаты жоюлбагандыктан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, анын ичинде башчылар да түйүндү колдонууда жетиштүү жөндөмгө ээ эмес. Ошол эле учурда башка себептер да актуалдуу бойдон калууда: мобилдүү интернетке байланыштуу – бул кызмат элеттик гана эмес, жада калса шаардык ЖӨБ органдары үчүн да кымбат, салттуу интернетке байланыштуу – көп учурда телефон байланышы өтө төмөнкү сапатта болгон үчүн интернетке туташуу мүмкүн эмес.

Бул сурамжылоого жана башка изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянуу менен докладдын авторлору муниципалдык кызматты жана ЖӨБнун ишин жалпысынан баалоонун эффективдүү системасы жок деген тыянакка келди. ЖӨБнун иш сапатын өлчөөнүн жалгыз инструменти – муниципалдык кызматтарга канааттануунун деңгээлин изилдөө. Бул инструменттин акыйкат жана адекваттуу болгонуна карабастан ал жалгыз бойдон кала бербеш керек. Анын үстүнө олуттуу каржы чыгашаларды талап кылгандыктан өтө чанда колдонулат. Муниципалдык кызматты күчтөндүрүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын административдик дараметин бекемдөө үчүн ЖӨБ органынын ишинин жыйынтыгын жана дараметин жалпысынан жана ар бир кызматкерди өз алдынча баалоонун объективдүү критерийлерин иштеп чыгуу зарыл. Баалоонун бул системасынын борбордук критерийи болуп жашоо жана адамды өнүктүрүү шарттарын жакшыртуу жөндөмү болуп калышында күмөн жок.

## Жергиликтүү өз алдынча башкарууда лидерлер жетишсиз болуп жатат



**- Көп нерсе элдин башында турган адамдын лидердик сапатынан көз каранды болот. Бул өлкө башчысына да, айыл өкмөт башчысына да бирдей деңгээлде тиешелүү. Инсандын адамзат тарыхындагы ролу жалпыга маалым жана аны четке кагууга болбойт. Ушул тапта мен эл аны ээрчий турган адамдарды өтө аз кездештире баштадым. Совет доорунда болочок лидерлерди, өндүрүштүн командирлерин даярдоого өзгөчө көңүл бурушчу – бул ар бир шаардын же айылдын башкаруу жашоосундагы негизги багыттардын бири болчу. Адамдын өмүр баянында "кара тактар" болбогондо гана ал кызматынан жогорулай алчу.**

**Ал эми азыр эмне болуп атат? Жакында эле шаар мэрин тандоо маселеси талкууланып жатканда катышуучулардын бири шаар башчысы өндүү жооптуу кызматка талапкер сөзсүз эле жогорку билимдүү болбош керек деп айтты. Көрсө ал университеттик дипломү жок эле шаар мэри болуп убактылуу иштеп жаткан экен. Ал адамдын айтымында, Өмүрбек Текебаев "айрым эки жогорку билимдүү жетекчилерге караганда он жыл мектептик билими барлар жакшы иштейт" деп айткан имиш. Менимче, кадрларга карата мындай мамиле туура эмес.**

**Зоотбек Кыдыралиев,**
Бишкек шаардык кеңешинин мурдагы төрагасы

**Өнүктүрүү саясат институтунун Адамдын Өнүгүүсү тууралуу 2011-2012 жж. Улуттук Докладдын алкагында даярдаган материалдарынан.**

# ЖАРАНДЫК ЖУРНАЛИСТИКА: Шарлотт – Нью-Йорк – Бердск – бардык жерде,



## ЖЕ Салттуу масс медиа канааттандырбай калганда, карапайым адамдар эмне кыла тургандыгы жөнүндө так аталышты издөө

**Виктор Юкечев*,**
Прессаны өнүктүрүү институту-Сибирь

Аягы. Башталышы № 1 (2), январь, 2012 ж.

## 4-версия. Жарандык журналистика – бул профессионалдык масс-медиа айтпай жаткан нерсе.

### Эмне үчүн адамдар дүйнөдө болуп жаткан окуялар тууралуу ушунчалык аз билет?

"Граунд Репорт" (GroundReport.com) – бул заманбап технологияларды бириктирген жана кабарчылардын түйүнүн кеңири жайылткан дүйнөлүк жаңылык платформасы. Анын жети миңден ашуун каттоодон өткөн колдонуучулары, 80 000ге жакын жаңылыктары, күн сайын сайтка жүктөлүп жаткан жаңылыктарды карап, көзөмөлдөп турган 23 редактору жана 7000 кабарчысы бар. Бир күндө текшерүүдөн өткөн 30дан 60ка чейин жаңылык жарыяланат. Алардын көбү расмий ММКда чагылдырылбаган окуялар тууралуу. Бүгүн "Граунд Репортко" "Таймс" же "Гугл Ньюс" өңдүү абройлуу басмалар шилтеме жасайт.

Ар бир адам жаңылык таштай ала турган сайтты түзүү идеясы Рейчел Стернге (Rachel Sterne) БУУдагы стажировкасы маалында келген: "Мен дүйнөдө чындыгында болуп жаткан окуялар менен алардын прессада чагылдырылып жатканы ортосундагы айырманы көрүп алып, абдан таң калдым, - дейт ал. – Анткени эгерде адамдарга иш жүзүндө эмне болуп жатканын ачык айтышпаса, өлкөлөрдүн өкмөттөрү жоопкерчиликтен кутулуп кетет да. 2006-жылы мен файлдарды жараткан (музыкаларды жүктөгөн жана башка) компанияга ишке орноштум. Мына ошол жерден мен мазмунду (контентти) түзүү эмне экенин билдим. Мага "эл аралык" ишмердүүлүк жетишпей жатты. Ошондой күндөрдүн биринде мага технология менен дүйнөлүк баарлашууну бириктирүү идеясы келди".

Каалаган адам жаңылыктары менен бөлүшкүсү келсе, сайттын кабарчысы боло алат. Сайтка жүктөлгөн жаңылык алдын ала текшерүүдөн өтөт. Мында редакторлор тексттин өзүн да (сүрөт, тасманы), колдонуучуну да дыкаат текшерет. "Граунд Репорт" бул принципти катуу карманып келет. Ошондой эле сайтта колдонуучулардын рейтингинин системасы жана ак тизме бар. Бул тизмеге өзүн ишенимдүү деп тастыктай алган колдонуучулар кирет. Алардын жаңылыктары сайтта ошол замат, текшерүүгө кабылбастан жарыяланат. Жарандык журналисттер өз эмгеги үчүн акча да алаарын белгилей кетүү зарыл. Бирок ал акча өтө көп эмес, болгону кошумча шыктандыруу катары кызмат өтөйт.

Адатта бул сайтта жаңылыктар салттуу медиага салыштырмалуу тезирээк чыгат жана алар тереңирээк чагылдырылат. Мисалы, Танзанияда негроид альбиностордун өлтүрүлүшү тууралуу жаңылык "Нью-Йорк Таймс" жазганга чейин эле "Граунд Репортто" бир ай мурда жарыяланган. Мындан тышкары өз убагында сайтта 2008-жылы Бээжиндеги олимпиада учурундагы тибеттиктердин видеосу, шайлоо учурундагы Ирандагы толкундоолордун сүрөттөрү ж.б. өңдүү жаңылык "бомбалары" чыккан.

Баса, журналистикадагы мындай ыкма бийлик структураларына көзөмөл гана жүргүзбөстөн, айрым бир учурларда адам өмүрүн да сактап калууга түрткү болот. Мисалы, Ооганстандан кабарчы күйөөсүнөн зомбулук көрүп жаткан жергиликтүү аял тууралуу сайтка жазган. Бул окуя ачыкка чыгып, кайрымдуулук уюму аялдын өмүрүн сактап калган.

Биз элдик журналистика форматындагы уникалдуу маалымат порталынын негиздөөчүсү Рейчел Стерн менен жолугушуп, баарлашуу үчүн адегенде Нью-Йоркко келдик. Андан кийин ал бизге, Новосибирскке Жарандык коммуникациялар мектебинин семинарына катышып, блогерлер менен жолугушуу үчүн келди. Мына ошол мезгил бою биз чогуу "жарандык журналистика – бул эмне?" деген суроого

жоопту издей бердик.

“Жакынкы убакытка чейин журналисттер маалымат таратуучу гана болчу, ал эми элдик масса жаңылыктарды пассивдүү күтүп отурчу. Интернет бул процессти толугу менен өзгөрттү: адамдар бири-бири менен маалымат алмаша баштады, эми аларды ээрчий башташты – өздөрү маалымат түзөт, аны өздөрү текшерет, өздөрү аны таратат”, - деп чечмеледи Рейчел.

Новосибирсктеги Жарандык коммуникациялар мектебиндеги семинарда Рейчелге абдан түз суроолорду узатышты. Ал да бул суроолордон качпай, түз жооп берди.

## Ким жана эмне үчүн “Граунд Репорттун” кабарчысы боло алат?

- Жарандык журналистика жаңылык өндүрүшү үчүн чыгашаларды азайтууга жардам берет деп айтышат. Ооба, ошондой. Биринчиден, жаңылык таап жаткандарга акча төлөбөй деле койсо болот. Экинчиден, кабарчынын жол киреси да төлөнбөйт. Маалымат таратуунун баасы басма сөз ММКга салыштырмалуу бир кыйла аз. Бирок мунун артыкчылыктары ушуну менен гана бүтпөйт. Үчүнчүдөн, сиз үчүн дүйнөнүн булуң-бурчунан укмуштуудай көп сандагы кабарчылар иштейт. Төртүнчүдөн, инструменттердин баарынын эле колунда болгону: көп адамдарда бүгүнкү күндө ноутбуктар, санарип камералар, телефондор бар. Бешинчиден, жарандык журналистика адамдардын өзүн таанытуу аракетин жана активдүүлүгүн колдонот. Интернеттеги дээрлик бардык активдүүлүк маалымат алмашууга байланышкан. Андыктан бардык социалдык түйүндөрдү социалдык жаңылык жарата алчу платформа катары караса болот. Жетинчиден, жарандык журналистика жумасына жети күн, суткасын 24 саат бою маалыматты жарыялай алат. Бул нерсе ар бир эле дүйнөлүк агенттиктин колунан келе бербейт.

Бирок жарандык журналистиканын телегейи тегиз деп айта албайбыз. Маалыматты текшерүүгө байланышкан көйгөй бар, анткени жарандык журналисттер миңдеп саналат. Дагы бир маанилүү фактор – бул билим. Ошондой эле техникалык проблема – биз адамдарга кантип мультимедиалык каражаттарды колдонууну үйрөтөбүз. Дагы бир нерсе: биз карапайым адамдарды кантип шыктандырабыз, алар үчүн эмне сыйлык болуп берет. Негизги идея – алар абдан маанилүү ишти жасап жатат. Бирок мыктыларына дем берүү үчүн акчаны кайдан алабыз?!

Биздин өз миссиябыз бар. “Граунд Репортун” миссиясынын биринчи аспектиси – эгерде биз жаңылыкты өзүбүздөн өткөрсөк, аны өз көз карашыбыз, эмоциябыз менен толуктасак – мына ошол эң кызыктуу жаңылык болуп берет. Кийинки идея – бул медианын демократизацияланышы: бул процесске ар бир каалоочу катыша алат. Үчүнчүсү – профессионалдуу ММК унчукпаган окуяны чагылдыруу. Биз пикирлердин бир өңчөй болушунан кутулгубуз келет. Эң соңунда биз жаңылыктар үчүн туруктуу бизнес-моделин түзгүбүз келет.

Менден “жарандык кабарчыларды кантип тандайсыңар, өзгөчө мурда кызматташпаган өлкөлөрдөн кабарчылар кантип тандалат” деп көп сурашат. “Граунд Репортко” активдүү тарткан кабарчылардын үч тобу бар. Биричнден, бул профессионал журналисттер. Биз дүйнөлүк жаңылыктардын сайты болгондон кийин дүйнөлүк журналисттик агенттиктерге кайрылып, биз менен кызматташуунун артыкчылыктарын түшүндүрөбүз. Экинчи топ – студент журналисттер, биз факультеттердин жетекчилигине кайрылып, студенттерди ишке чакырабыз. Үчүнчү топ – блогерлер, булар журналисттердин ыкмасын эле колдонгон адамдар. Дагы төртүнчү топ бар – бул коммерциялык эмес структураларда иштеген адамдар: аларда ар түрдүү жаңжалдар тууралуу маалыматтар, өз көз карашы бар, бирок биз алардан материалында жаңылыкты кандай позициядан берип жатканын көрсөтүүсүн өтүнөбүз.

Эгерде сиз “Граунд Репортко” чыккан жаңылыктарды жараткан топторду карай турган болсоңуз, “жарандык журналистика” деген термин бизге карата толугу менен колдонулса болот деп так кесе айта албайсыз. Биздин сайтка жазгандардын көбүндө журналистикалык билим бар. Жогоруда айткан себептерден тышкары да биз менен кызматташууга түрткү болгон башка себептер да бар. Биринчиден, бул – эго. Адамдар өз атын массмедиада көрүүнү каалашат. Экинчиден, бул – баары бир акча. “Граунд Репортто” биз сезилээрлик болсун деп көпкө чейин каржылык сыйлык боюнча бир топ эксперименттерди жүргүздүк. Биз биз журналисттин трафик үлүшүн сайттын жалпы трафигинен бөлөбүз, анан ал ошол кирешенин үлүшүн алат. Ошондой эле биздин кабарчылар репортаж жасай алсын деп чакан видеокамераларды таратканбыз, кийин ал камералар өздөрүндө калды. Үчүнчү себеп – профессионалдык өнүгүү, өз брендин өнүктүрүү. Бул өзгөчө журналисттик факультеттин студенттери үчүн да, профессионалдык журналисттер үчүн да маанилүү. Бул аларга “Мен эмне кылып атам, аны кантип кылып атам” деген суроолоруна жооп алып, өз портфолиосун жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн берет. Төртүнчү себеп – бул өз көз карашын сактап калуу мүмкүнчүлүгү. Өзгөчө бул бейөкмөт уюмдардын атынан жазып жаткандар үчүн маанилүү. Бул кайрымдуулук ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жерлердеги окуялар тууралуу жазган адамдар. Бул аймактагы абал тууралуу так айтып бере турган адамдар. Бешинчи себеп – бул мурда эч качан жазбаган, бирок өз көз карашын билдирүүнү каалагандар үчүн майдан болуп берет. Алар кандайдыр бир акыйкатсыз окуяга күбө болуп, ошону менен бөлүшкүсү келет. “Граунд Репорт” – бул ошондой эле мурда жазылган, бирок азырынча жарыялана элек иштер үчүн

аянтча. Эң соңунда сен өз ишиң менен салым кошуп жатканың да кошумча мотивация болот. Бул да салмактуу жүйө.

## Жарандык журналисттерден түшкөн кайсы маалыматтар факт болуп калат?

- Биз төрт жыл бою маалыматтардын түшүнүктүү жана айкын болушунун үстүнөн иштеп, система иштеп чыктык. Биз колдонгон ыкмалар: артыкчылык берилген журналисттердин тизмеси, колдонуучуларда кандайдыр бир бузуулар тууралуу маалымдоо мүмкүнчүлүгү болгону. Мына ушундай ишенимдүү доминанта менен өз алдынча иштеп чыккан технологиябыз бар. Бул “Википедия” мисалындагы система – ар кандай версиялар менен. Биз аларды YouTub сайтында жарыялайбыз. Бизде динамикалык түрдө өнүгүп жаткан биринчи бет менен иштөө алгоритми бар. Бул СЕО-оптимизация өндүү, ал бизге өзөктүү сөздөрдү бөлүп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Мен “Граунд Репортто” макала кантип чыгаарын айтып бере алам. Адегенде адам сайтта катталат – бул милдеттүү шарт, андан кийин өзүнүн макаласын же видеосун жайгаштырат. Эгерде кабарчы биздин тизмеде болсо, анда анын рейтинги бар болсо, анда анын макаласы ошол замат GoogleNews сайтында чыгат. Эгерде ал бул тизмеде болбосо, анда анын макаласын редакторлордун бири жактырыш керек. Ал эми ага чейин анын макаласы көрүнбөй турат. Мен редактор катары өз атым менен кирген учурда бардык көрүнбөй турган макалаларды көрө алам. Бул макалалардын баарынын алдында кызыл желек турат. Бул демек макала текшериле элек дегенди билдирет. Биз аны менен алектенбеш үчүн өчүрүп деле койо алабыз. Мен бул жаңылыкпы, же үйлөнүү үлпөтүнө кийчү көйнөкпү – мына ошону бир карап эле түшүнөм. Башкача айтканда макала “Граунд Репортко” ылайыктуу болбосо, ошол замат өчүрөм.

Эгерде мени бир нерсе кызыктырып калса, ошол замат аны ачып, макаланы толугу менен окуп чыгам. Эгерде макалада кандайдыр бир грамматикалык каталарды көрсөм жана макала мага негизинен жакса, редактор катары мен аны өзгөртүп, макаланын каалаган жагын редакциялай алам. Биз редактор менен кабарчы ортосунда жаңжал чыкса, талашты жөнгө салуу үчүн макаланын бардык версияларын сактайбыз. Мен макалага өзүм каалаган сүрөттү жайгаштыра алам. Андан кийин редактордун атынан деп кыска билдирүү жасам. Мен кандай өзгөртүүлөрдү киргизгенимди жана эмне үчүн өзгөрткөнүмдү түшүндүрүп берем. Мен “жарыяла” дегенди бассам редакцияланган макала чыгат, бирок ал ошол замат эле сайтка чыгып кетпейт. Эми мен кызыл желекти басам, ошондо макала сайтка толугу менен чыгууга даяр дегенди билдирет. Кийин көрүнбөй турган макалалардын тизмесине киргенден кийин ал макаланы ошол жерден таппайм. Макала сайтка чыккандан кийин автоматтык түрдө ага беш жылдыз рейтинги берилет.

Ой-пикир таштоо үчүн да сиз катталышыңыз керек. Редактор сайтта жайгашкан бардык контентти редакциялай алат. Макала сайтка чыкканына карабастан мен аны андан ары да редакциялай берем. Эгерде автор мыкты кабарчы деп чечсем, анда анын ысымын артыкчылык берилген журналисттердин катарына кошом. Бул үчүн анын атын тандап, белги коём, ошондон кийин бул кабарчынын жаңы макаласы чыгаар замат ал автоматтык түрдө сайтка жайгаштырылат. Бул тизмени ак деп атап койгонбуз.



Шарттуу түрдө фильтрация системасын жогору жактан баштайбыз, мында кабарчы макала жазган учурда система автоматтык түрдө бул кабарчы артыкчылык берилгендердин тизмесинде болуп-болбогонун аныктайт. Эгерде "ооба" болсо, макала ошол замат сайтка чыгат, "жок" болсо", биз кабарчынын өздүгүн текшере алабыз. Эгерде кабарчы "Граунд Репортто" он ишин жарыяласа, биз аны ошол замат ак тизмеге киргизебиз. Ошондой эле Google сайтынан анын кандай материалдары интернетте жарыяланганын карайбыз. Биз анын кандай макалалары жарыяланганын, релиздерди жазып-жазбаганын, башка макалалардын компиляциясы менен иштеп-иштебегенин карайбыз, анткени мындай адамдар эч качан "Граунд Репорт" үчүн иштебейт. Ал биздин алгачкы текшерүүбүздөн өткөндөн кийин сапат стандартын кармганганы текшерилет. Биздин талаптар өтө жөнөкөй – бул жаңылык түрүндөгү окуя болуш керек, башка булактардан көчүрүлбөш керек, реклама же керексиз маалыматты, же расисттик маанайдагы мазмунду камтыбаш керек. Биздин талаптарга жооп бербеген макалалар автоматтык түрдө биздин системадан өчүрүлөт. Ошондой эле биз дүйнө жүзүндөгү кабарчылар менен кызматташабыз – бирок аларды да ошол замат тизмеге киргизбейбиз: жарыялаардан мурда бүт материалдарды карап чыгабыз. Чындыгында чечим соңку эмес жана бир статустан экинчи статуска өтүү мүмкүн. Ошондой эле биздин колдонуучулар силердин "В контакте" өңдүү топторду түзө алат. Бирок бул топтор контентке негизделген. Башкача айтканда биз (шарттуу түрдө) өз сайтын түзүүгө уруксат беребиз. Ал жабык да (чакыруу менен гана), ачык да болушу мүмкүн. Ал жакта колдонуучу-редакторлор да, макала гана жазган колдонуучулар да бар. Алардын бардык өзгөрүүлөрдү көрсөткөн баракчасы бар. Ал жакка өз логотипин, баннерин, сүрөттөлүшүн кошсо болот. "Граунд Репортко" окшоп үч башкы жаңылыктар менен өз баракчасын түзүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул жамааттардын ичинде да текшерүү болот. Адегенде алар ички текшерүүдөн өтөт, андан кийин "Граунд Репорттун" текшерүүсүнөн өтөт. Башкача айтканда алар ички коммуникацияны түзөт. Бул, мисалы, жергиликтүү чакан гезиттерди тартуунун ыкмасы. мындай гезиттер өз сайтыбыз бар деп айта алат жана ал жерге локалдык маселелер тууралуу жаза алышат. Эгерде ошол жаңылыктар "Граунд Репорт" үчүн кызыктуу болсо, биз аларды чыгарабыз.

### Кантип чогуу жакшы иштеше алабыз?

…Эми мен силерге суроолорду узатсамбы деп турам: биз кантип профессионал журналисттерге жардам бере алабыз? Менимче, жарандык журналистика эч качан профессионалдык журналистиканы толугу менен алмаштыра албайт. Бул эки күч кызматташып иштеш керек. Иште жогорку стандартты колдоо үчүн биз кантип бул системаны өнүктүрө алабыз? Адатта жергиликтүү жаңылыктар борбордон алыстаган, биз аларды кантип бир жерде топтой алабыз? Ошондой эле ар нерсени рекламалаган макалалар өтө көп, биз алар менен кантип күрөшөбүз? Интернетте өз ишибизди өнүктүрүү үчүн эффективдүү бизнес-моделдерди кантип табабыз? Менин чоң атам BaltimoreSun гезитинде башкы редактор болуп иштеген. Ал мага журналистикада эң оор нерсе – сенсацияларга болгон каалоону жеңип, коомго кызмат өтөө өңдүү өз функцияңды сактап калуу деп айткан. Муну биз биргелешип жасай алабыз. Биз – бул "жарандык" жана профессионалдык журналисттер.

## 5-версия. Жарандык журналистика – бул адамдардын жандуу үнү.

…Ал арада Орусиянын көпчүлүк башка муниципалдык бирдиктеринде болгон өңдүү эле Новосибирск облусунун Бердск шаарында шайлоо жакындап келатты (алар дайыма маал-маалы менен жакындап турат). Ошондо Бердскте "Шарлотт долбоорун" эстешти. Дагы бир жолу биздин "Курьер. Шаршемби. Бердск" гезитинин редакциясына Түндүк Каролинадан алынып келинген, башкы редактор Рик Теймздин кол тамгасы коюлган "Шарлотт долбоору" тууралуу китепти окуп чыгышты. Анан өзүнүн "Шайлоо-2011: сиздин добуш маанилүү" долбоорун башташты.

"Курьер. Шаршемби. Бердск" гезитинин сайтында жарыяланган айрым мультимедиялык басылмалардын (видео да, аудио да, текст түрүндөгү репортаждар да) аталыштарын гана санап өтөйүн: "Бердсктин башчысы ишенчээк болбош керек", "Бердсктин борбору чөл сымал", "Бердсктин мэри ишке жөө барыш керек", "Жаңы мэр – Омскко саякат", "Жолдор да, балдар аянтчалары да жок".

Бул басылмаларда реалдуу адамдардын сөздөрү жана ойлору жаңырат. Ошол адамдар алардын үнү жамаатка өз жашоосун жакшыртуу программасын биргелешип иштеп чыгууга жана бул программаны ишке ашырууга жөндөмдүү адамды тандоого жардам берет деп үмүттөнүшөт. Алар бүгүн алардын жандуу үндөрү эч нерсе өзгөртүүгө мүмкүн болбой калган формалдуу шайлоо күнү эмес, дал бүгүн өзгөчө мааниге ээ деген ишенимде.

"Курьер. Шаршемби. Бердск" гезитинин журналисттеринде (профессионал да, жарандык да) "Шарлотт Обзервердин" 1991-жылдагы үлгүсүндөгү кесиптештеринин алдында күчтүү артыкчылыгы бар: аларда тез ылдамдыкта интерактивдүүлүктү камсыздаган ишенимдүү өнүгүп бараткан интернет порталы бар. Ошондой эле аларда кесиптештердин да – анын ичинде ушул беттерде жарандык журналистиканын тагдыры тууралуу өз ой-толгоолору менен бөлүшкөндөрдүн да тажрыйбасы бар.

Демек алардын максаты орундалат!